
3

## Түркия Израил лоббисине муктаж



9

## Бул жардам бардык облустарга жетет деп турабыз



САРЕСЕП
saresep.kg
7-июль, 2016-жыл
№26 (59)
Калыс көз караш!



# Каримовдун эшеги суудан өттүбү?

5-бетте



### ЕАЭБ көз жашка карабайт

4-бетте



### Чемпион болуу оңой, кармап туруу кыйын

11-бетте



### Келечекке балта чаппайлы

14-бетте

Саресеп гезитинин урматтуу абоненти жай айларында дарек которсоңуз 0773 38 26 25 телефонуна билдирип коюңуз!



# Өлкө башчынын элге кайрылуусу



“Мусулмандардын ыйык китеби болгон Куран адам рухунун эркиндигинин идеалдарын, тынчтыкты, кең пейилдикти жана өнүгүүнү жайылтат. Бирок бүгүнкү күнү ислам дини террордук максаттарга жана ыпылас геосаясий оюндарга пайдалануу үчүн колдонулуп, ислам дүйнөсүн орто кылымга кайрууга түшүктү.

Кыргызстандыктардын көпчүлүгү өздөрүн мусулманмын деп санашат. Ислам дини биздин турмушубузга тыкыс орногон. Биз дүйнөдө мусулманчылык ар дайым болоруна терең ишенебиз. Бирок ошол эле учурда өзүбүздүн Кыргызстаныбыз экенибизди да унутпайлы. Биздин өз тилибиз, маданиятыбыз, салт-санааларыбыз жана улуттук кийимдерибиз бар. Чынында, алар эч качан исламдын негизги принциптерине карама-каршы келбейт. Ошондуктан коомубузга башка элдердин өзгөчө кийим кийүүгө байланыштуу салттарын, талаптарын таңуулоо кыргызстандыктардын арасында кыжырланууну жаратып жатат. Мухаммед пайгамбарыбыз адамдарды Исламга кыйноо жолу менен киргизүүгө тыюу салган. Ошондой эле, ислам динин кабыл алган элдердин улуттук салт-санаасына жана элдердин маданий баалуулуктарына карама-каршы келген эрежелерди таңуулоого да тыюу салган.

Баарыбыз тең келечеги кең, өнүккөн өлкөдө жашагыбыз келет. Биздин башкы максатыбыз – келечек муундар үчүн татыктуу мамлекет куруу жана аны сактап берүү”, – деди Алмазбек Атамбаев Кыргызстан элине кайрылуусунда.

# Корейлер акча жасамакчы



Корейлер 2016-жылдын III кварталында Кыргызстанда санариптик көрсөтүү аркылуу товарларын 2 млн. долларга айлантуучу долбоорду мерчемдеп жатат.

«Түштүк Корея» экономикалык өнүктүрүү фондунун жетекчиси Жумакадыр Акенеев мындай дейт:

– Бул долбоор Кыргызстандын бир каналынын алкагында мерчемделип жатат. Алгачкы баасы 2 млн. долларды түзөт. Бардык чыгымдарды Корей компаниясы өз мойнуна алмакчы. Бул долбоорду 1-2 млн. доллар менен баштап өнүктүрүп кетсе болот. Ал уставдык капиталды талап кылбайт.

Ал эми «LG group» корпорациясынын вице-президенти Лим Донг Сант: «Мындай долбоорду аз эле акча менен баштай берсе болот. Компания Борбордук Азияда ишегенге кызыкдар. Эгерде Кыргызстанда бул система жакшы иштеп кетсе, аты аталган компаниянын өкүлдөрү Кыргызстанда болгон мүмкүнчүлүктөрүн жумшайт», – дейт. Ал эми Акенеевдин айтуусу боюнча, долбоор Кыргызстандагы бардык телеканалдар санариптик ыкмага өткөндө гана ишке ашмакчы.

# Жакында заводдор ишке киришет



Өкмөт 2016-жылдын 20-ноябрына чейин жалпы мамлекеттик маанидеги Кара-Кече, Кутессай – 2, Калесай, Тегене жана башка кендерге 7 сынак жарыялайт. Бул тууралуу Өкмөттүн «Стабилдүүлүк, ишеним жана жаңы мүмкүнчүлүктөр» программасын ишке ашыруу мерчеминде айтылган.

Ошондой эле 2016-жылдын декабрь айына чейин төмөнкү иш-чараларды камсыздоо да мерчемделген:

– Таш-Көмүр шаарындагы металлургиялык кремний заводунун өндүрүшүн ишке киргизүү (ОсОО «Кварц»)

– Токмоктогу нефтини кайра иштетүүчү заводдун өндүрүшүн ишке киргизүү

– Иштамберди кениндеги тоо кендерин байытуучу комбинатты ишке киргизүү

– Талды-Булактагы Левобережный алтын кениндеги алтын өндүргөн фабриканы толугу менен ишке киргизүү

– Бозумчактагы алтын-жез тоо кендерин байытуучу фабрикасынын өндүрүшүн толугу менен ишке киргизүү

– Ош облусундагы «Кайди» тоо кендерин байытуучу комбинаттын өндүрүшүн ишке киргизүү.

# Салыктар терминал аркылуу төлөнөт



Мамлекеттик салык кызматынын маалыматы боюнча, мындан ары жарандар салыктарды «РСК» банкынын банкоматтары жана терминалдары аркылуу төлөй алышат. Анын ичинде жер салыгын, кыймылсыз жана кыймылдуу мүлк салыктарын, автоунаа салыгын, ошондой эле патенттин негизинде төлөнүүчү салыктар бар.

Бул үчүн салык төлөөчү өзүнүн идентификациялык номерин, мүлк объектиси же ишмердиги катталган ордун, автотранспорт каражатынын номерин жана төлөнүүчү салыктын суммасын билүүгө тийиш. Салык төлөнгөндөн кийин чыгарылып берилген чекти сактап коюу зарыл.

Мамлекеттик салык кызматы салыктарды мындай жол менен төлөө жарандар үчүн ыңгайлуу болорун жана коррупциянын алдын аларын белгилейт

БАШКЫ РЕДАКТОРДОН

# Орозо айтта айласы кеткендер

Орозо айт жылда үч түрлүү адамдын айласын кетирет. Алар: расмий динаятчылар, ваххабиттер жана псевдодемократтар.

Эми расмий динаятчылардыкы белгилүү. Мусулмандардын ынтымагы үчүн эмнени гана кылбайсың. Бийликте да мусулмандар. Алар айт күнүн тезирээк белгилеп бер деп шаштырат. Эрте белгилеп жиберсең бийликке оппозиция болгон мусулман топтору наразы, жагалданып атасыңар дейт. Бийликтен эмес, Кудайдан коркуш керек дешет. Күчтүү телескоптор менен Орозо айтты көп күн алдын-ала аныктап койгон мамлекеттер бар, бирок ал жактан окуп келген мусулмандарды жактыра бербеген да мусулмандар бар. Алар: “Пайгамбардын убагында мындай нерсе болгон эмес, биз Төө-Ашууга барып карап келели”, – деп айланы кетирет. Иши кылса, “Өйдө түртсөң өгүз өлөт, ылдый тартсаң араба сынат” деген кептин дал өзү. Ушул себептен улам мусулмандардын көйгөйлүү суроолоруна жооп берчү Аалымдар кеңеши бир жылдан бери бир да жолу чогула элек. Мусулмандардын Курултайынан кийинки эле эң күчтүү орган бийлик тажаган кезектеги муфтийди алмаштырыш үчүн эле жыйналат сыяктуу.

Ваххабиттер болсо хамалеондой кубулуп турат. Алардын позициясы жалпы жамаатка каршы келсе эле болду, жыргап калышат. Кээде мечиттин жамааты турса отурат, отурса турат. Жамаат бутун жыйнап турса, талтая салат. Кыскасы, дайым тетири. Бул багытты кармангандар менен аларга жан тарткандар жыл сайын Орозо айтты расмий күндөн бир күн айырма кылып интернеттеги коомдук тармактарды ызы-чуу чыгарат. Чынын айтканда, шайтандын ишин кылат, анткени шайтандын эң биринчи иши – мусулмандын сыйынуусуна шек жаратуу. Даарытыңда же намазыңда күмөн болсоң, ал даарат да, намаз да болбойт. Орозодо күмөн жаратуу кыйыныраак, бирок бир карын майга бир кумалак сала албасаң да, сыртынан бир сыйпап өтсө жаны жыргайт ваххабиттин. Баса, алар өздөрүн ваххабит дебей калган. Алар азыр “салафит” же “настоящий ханафит” болуп алышкан.

Псевдодемократтар болсо, ара жолдо калган кыргызбайлар. Алардын авангардында Америка элинин чөнтөгүнөн каржыланган медиа ишкана. Барак Обама, Франсуа Оланд, Ангела Меркель, деги демократиялык мамлекеттердин лидерлеринин дээрлик бардыгы мусулмандарга ооз ачырып, Ислам динин карманган жарандары менен мамиле түзүп жатканын биздин жасалма демократтар көрмөксөн болуп келишет. Алар демократияны чала-була англисче сүйлөө, виски ичип, бутун бутуна учкаштырып кумсаларды коргоо деп түшүнүп алган. Динге жана диндар адамга көйгөй жаратуу алардын “демократиясынын” туу чокусу. Мына бул орозодо да алар керектүү тема табышкан. Авторитардык башкаруу алдында жаткан коңшу мамлекеттерде айт намазы аянтта эмес, мечиттерде эле окулат, керек болсо азанды микрофондо айттырбайт деп бир сыйра кыңкыстап өтүштү.

Азан жаңыдан айтылып баштаганда орус тилдүү калктан жана динбезерлик тарбия алган кыргыздардан көп арызданну болду эле. Быйылдан баштап 11-12-кичи райондо православ чиркөөсү коңгуроо кагып келет. Бир да мусулман наразы болгон жок. Кандай болсо да Кудай деп атышат да. Бул ата-мекендик демократия сабактарына сөзсүз кирет. Псевдодемократ жана диний радикалдардын кулагына күмүш сырга.

ЭСЕН ӨМҮРАКУНОВ

Гезит ээси - ЖЧК “Горизонт Медиа”
Юстиция министрлигиндеги катталуу номери - 1925

**Башкы редактор:** Эсен Өмүракунов
**Редколлегия:** Талгат Деркембаев, Насыпбек Асанбаев, Эдил Айдаров,

**Жооптуу редактор:** Насыпбек Асанбаев
**Кабарчылар:** Айпери Азатбек кызы, Жылдыз Акбар кызы, Таңчолпон Бакытбек кызы, Акылай Туткучева

**Пикир айтуу үчүн E-mail:** saresepkg13@gmail.com
**Медиа жана жарнама:** Эдил Айдаров
Тел.: (0312) 45 48 68, (0703) 73 82 31
Жарнама үчүн E-mail: saresep@mail.ru

**Дареги:** Бишкек ш., Бөкөнбаев көч., 195/71
**Тел.:** (0312) 45-48-68, (0555) 20-45-71
**WWW.SARESEP.KG**
**Facebook:** Саресеп гезити

**Нускасы: 7000**
**Буйрутма № 1546**
Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалганды. “ММК колдоо борбору” фондунун басмаканасында басылды.

САРЕСЕП

# Орусиялык туристтер азайышы мүмкүн

**Өткөн аптадагы Орус президенти менен Түрк лидеринин телефон аркылуу сүйлөшүүсүнөн кийин талдоочулар Анкара-Москванын мамилеси жакшырып, буга чейин салынган бир катар санкциялар алынарын, кызматташтык жаңы багытка көтөрүлөрүн белгилешкен. Натыйжад, бул көрүнүш Кыргызстандын туризмине терс таасир этиши мүмкүн экени да айтылууда. Себеби, буга чейин 2016-жылы Кыргызстанга орус жарандары көп келет деген божомол бар эле. Эми Орус-Түрк мамилесинин калыбына келиши менен алар Кыргызстанга мерчемдегенден аз келиши ыктымал. Ушуга улай бул боюнча Туризм департаментинин директору Азамат Жаманкулов менен маектешип, суроолорубузга төмөнкүдөй жооп алдык.**



– Биз басымды Орусиянын жарандарына коюп жатканбыз. Ысык-Көлгө келем деген орус жарандарынын саны Түркия жолу ачылса, кичине кыскарышы мүмкүн. Мисалы, алар бул убакка чейин бир канча жерге барып, бир канча чечим кылып жүрүшкөн. Эгер ошол чечимдеринде Ысык-Көл да бар болсо, бул жакка келиши мүмкүн. Бирок, ушул кезге чейин чечим кабыл ала электер Түркия менен Орусиянын мамилесинин кайра калыбына келишине жараша иш кылса, анда бизге келе турган туристтердин саны азаят.

Учурда Кыргызстанга келе турчу туристтердин 70 пайыздан ашыгын казак жарандары, 13%ын орус жарандары түзөт. Ушул 13 пайызды 25 же 30%га көбөйтөбүз деген конкреттүү анализ болгон эмес. Анткени бул базар экономикасы. Аны эсептеш абдан кыйын. Мен Орусиянын бир канча субъекттеринде презентацияларды кылып келдим. Көргөн адамдардын кызыгуусу артканын да көрдүм. Бирок, ал жерде Ысык-Көл жөнүндө көп деле маалымат жок экенин байкадык. Мына ушуну тез арада жоюшубуз керек. Биринчи кезекте ал жердеги жарандар биздин өлкө тууралуу маалыматка ээ болушу зарыл. Андан кийин гана тандоо маселеси болот.

Туристтердин каттамын баа маселеси да бир топ оорлотот. Базар экономикасында бааны антимонополиялык орган чектейт. Бирок, бүгүнкү күндө туризм секторунда монополист объект жок. Анткени бардык жерде ачык атаандаштык бар.

# Эч кимге баш ийбеген комитет түзүш керек

**4-июль күнү КРнын президенти Алмазбек Атамбаев башында турган Коргоо кеңешинин кезектеги отуруму болуп өттү. Анда Укук коргоо органдарынын системасын реформалоо маселеси каралган. Реформанын алкагында прокуратура, УКМК, ИИМ баш болгон бир катар күч түзүмдөрүнүн функцияларын алмаштыруу боюнча бир канча чечимдер кабыл алынды. Бул тууралуу саясат таануучулар ассоциациясынын аткаруучу директору, укук коргоо органдары боюнча серепчи Токтогул Какчекеевге «Укук коргоо органдарын реформалоо боюнча киргизип жаткан сунуштарга кандай баа бересиз? Прокуратурадан тергөө функциялары алынып, УКМК менен ЭКККга берилип жатканы туурабы?" - деген суроолор менен кайрылдык.**



– Бул реформа 2017-жылга чейин бекитилген өлкөнүн комплекстүү планында куралдуу күчтөр, коопсуздук кызмат жана ички иштер менен укук коргоо органдары деп жазылган. Учурдагы абал менен кемчиликтер мына ушундай чечимдерди кабыл алууга түртүүдө. Бирок, бул жерде ИИМдин 5-башкармалыгын Экономикалык кылмыштарга каршы күрөшүү кызматына өткөрүп жатабыз дегенин карап көрсөк. Буга чейин министрликтин кызматкерлери мыкты иш жүргүзүп келгенин баарыбыз билебиз. Ал эми Кумтөрдү эле мисалга алсак, эмне себептен Экономикалык кылмыштарга каршы күрөшүү кызматы ушундай башаламандыкка орун берип, алдын алган жок?

Юридикалык илим боюнча дүйнөлүк көз караштa өзү кылмыш ишин козгоп, кайра тергөөнү да өзү жүргүзүп, андан ары сотко алып барган орган туура эмес деп эсептелип калат. Себеби, бир тараптуу көз караш болуп калышы ыктымал. Мисалы, Орусияда эч кимге баш ийбеген атайын Тергөө комитети түзүлгөн. Бизде бул маселе 80-жылдары эле көтөрүлүп, бүгүнкү күнгө чейин ишке ашкан жок. Эми сиз айткан эки кызматта да жакшылап карай турган жерлер бар. Ал экөө менен дагы бир ирет ИИМдин коорупцияга каршы ишинин жыйынтыгын салыштырып көрсөк, министрликтин буга чейинки кызматтарын канчалык чачыратпасын алдыңкы сапта турат. Себеби, аларда ар бир айылдын маалыматы бар аймактык милиция сыяктуу адистери бар. Ал эми жогоруда аталган эки кызматтын тең функциялары башка ишти карайт. Эми көрө жатарбыз дагы.

# Түркия Израил лоббисине муктаж



**Түркия менен Орусиянын жети ай мурунку араздашуусу кыргыз коомчулугун чочутуп, Ажобуз түрк тарап кечирим сурашы керек деген сөзү менен бүтүмдөлгөн. Учурда Анкара Москва менен алакасын түзөш үчүн кечирим сураганга мажбур болду. Биз: «Эмне себептен Түркия Орусиядан сырткары, акыркы алты жылдан бери тетири карашып калган Израилге да койгон талаптарынан баш тартып, алакасын оңдоого аракет кыла баштады?» - деген суроо менен саясат таануучу Искендер Ормон мырзага кайрылдык.**

– Геосаясий серепчилер Түркия өз боюна жараша реалдуу тышкы саясатка кайтты деп атышат. Күчтүү дүйнөлүк же регионалдык өлкө болуш үчүн учурда күчтүү экономикаң жана «жумшак күч» деген саясат жүргүзө билишиң керек. Ал болсо заманбап техникалык жана эксперттик күчтү пайдалануу менен башка мамлекеттин коомдук пикиринде өз өлкөңдүн аброюн жогорулатуу дегендик. Түркия азыр мындай аракеттерге бышып жетиле электигин көрсөттү.

Учурдагы Түркия демократиялык принциптерди кармануда солгундоо саясатынан улам Европа менен мамилесин өзү оңдошу кыйын. Европа менен мамилени оңдоо жолу көбүнчөсү Израил аркылуу өтөт. Израилдин бул өлкөлөрдөгү лоббисинин пикири мамилелердин оңолушу же солгундоосуна ишарат белги болуп келет. Ушундан улам Түркия алты жылдан бери жүз карашып келген Тель-Авив менен мамиле түзүүгө мажбур болду.

Түркиянын туризм менен өндүрүм кирешесинин 40 пайызы Орусия же аны менен өнөктөш мамлекеттерден түшөт. Орусия менен араздашуудан кийин туризми, айыл-чарбасы, өндүрүш ишканалары, соода тармагы чоң чыгымга учурап келет. Мамлекеттик деңгээлдеги ири долбоорлор да токтоп калды.

Сириянын жарандык араздашуусуна башынан бери активдүү катышкан Түркия согуш башталганда дүйнөлүк державалардын деңгээлиндеги сөздөрдү сүйлөп жиберген. Сирияны кичинесинтип, ал мамлекеттин режимин Тунис же Египеттегидей эле алмаштырып жибергиси келген Түркия Башар Асаддын аркасында Орусия жана Иран деген дүйнөлүк жана регионалдык оюнчулар менен чыныгы тиреш башталганда уттуруп койду. Учурда Түркия регионалдык да оюнчу эмес, өз аймагында түрдүү кризистерди башынан өткөрүп жаткан мамлекетке айланды.

# Абакта адамдар неге өлүшөт?

**№31 айып изоляторунун камерасында отурган 25 жаштагы жарандын өз футболкасына асынып алган жансыз денеси табылды. Бул тууралуу Жаза аткаруу мамлекеттик кызматынан (ЖАМК) билдиришти. Негизи эле түрмөдө өлгөндөрдүн көбүнө өз жанына кол салды деген жыйынтык чыгарылат. Анткени менен коомчулуктун көбү бул жыйынтыкка макул эмес. "Түрмөдөгү ар кандай абалдан, же окуядан улам адамдар өз өмүрүнө кол салышы мүмкүнбү?" - деген суроо менен укук коргоочу Төлөйкан Исмаиловага кайрылып, мындай жооп алдык:**



– Абактардын акыбалы өтө кайгылуу. Декабрь айында 10 күндүн ичинде эле абакта отурган балдар менен кызматкерлерден 14 киши каза болду. Буга чейин да мындай окуялар катталган. Муну эл аралык термин менен айтканда "сотсуз өлүм жазасы" болуп эсептелет. Конституция боюнча түрмөдө отурган жарандын коопсуздугуна өкмөт кепилдик берет. Бизде болсо ар кандай операция менен террорист болчу, же баландай болчу деп өлтүрүп коюшат. Алар керек болсо маркумдун денесин да ата-энесине беришпейт. Бул маселе аябай опурталдуу жана кайгылуу. 5 жыл ичинде кыргыз өкмөтүнө абактардагы сотсуз өлүм жазасын токтоткула деп 664 сунуш берилген. Кыйноолорго каршы сонун улуттук программалар бар. ЖАМКты жетектеген кызмат 1 жылдан бери бейөкмөт уюмдарды жана эксперттерди түрмөлөргө киргизбей жатат. Мурун абактарга мониторинг жасап, ЖАМКга жардам берип келген укук коргоочулардан 5 расмий каты бар. Каттарды эч кандай киргизе албайбыз. Анткени түрмөдө террористик, сепаратисттик иштерди жасап атабыз дей беришет. Түрмөнүн ичиндеги абал оор. Бүгүнкү күндө ЖАМК жабык болуп, өз билгенин жасоодо. Абакта криминал үстөмдүк кылат. Иштеген кызматкерлердин айлыгы аз. Алар коопсуздук жактан жакшы жабдылып, айлык акылары чоң болуп, эч кимге багынбагандай болушу керек. Бүгүнкү күнү түрмөдө иштеген кызматкерлердин маянасы аз, кийимдери да стандарттарга туура келбейт.

Эскерте кетсек, окуя 4-июлда саат 10:30да болгон. Оперативдик тергөө тобу иликтөө иштерин жүргүзүүдө. Кырсыктын чоо-жайын аныктоо үчүн соттук экспертиза дайындалды.

# ЕАЭБ көз жашка карабайт

Дүйнө экономикасы түбү түтүктөр аркылуу туташкан идиштер сымал. Евразиялык экономикалык биримдиктин (ЕАЭБ) экономикаларын туташтырып, бири-бирин теңдеген түтүктөрдүн жабылып-ачылуусуна кантип таасир берсек болот?



## Элдин курсагы жана тамак-аш

ЕАЭБдин эң чоң эки оюнчусу Орусия жана Казакстан Кыргызстанды өз катарына азыркы экономикалык кризистин алдында кошуп алды. Темир Сариевдин өкмөтү ишкерлердин эскертүүлөрүнө карабастан бардык крандарды ачып салган.

Мындай «кең пейилдиктен» Кыргызстандын каржы жана экономикасынын бардык тармагындай эле тамак-аш өнөр жайы да запкы жеп келет. Куну ЕАЭБдин эки лөгүнүн валютасынчалык төмөндөбөсө да бир топ күчүн жоготкон сом карапайым элдин чөнтөгүн жукартты. Бул себептен улам элдин сатып алуу мүмкүндүгү төмөндөдү. Эл же арзан нерселерге өттү, же азыраак сатып ала баштады. Бул запкы тамак-аш өнөр жайыбыздын саналуу ишканасын гана айланып өттү. Үй-бүлөлөрдүн экономикалык абалынын начарлоосу көп ишкердин аксоосуна себеп болду. Элге байланыштуу себептерден сырткары, ветеринардык кызматтын алсыздыгы, аткезчилик, Белорусия, Орусия, Украина жана Казакстандан келген арзан тамак-аштар бул тармактагы ишкерлерибиздин бизнесинин солгундоосун шарттады. Мындан сырткары, акыркы убактагы Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан сомдун куну жасалма жогору тутулуусу да биздин ишкерлердин өндүрүмүнүн баасын сырттан келген товарларга караганда кымбаттатып коюуда.

Кыргызстандын айыл-чарба өндүрүмүнүн өтүмдүүлүгү эмнеге төмөндөп кетти жана биздин ишкерлер кирешесин кантип жогорулатса болот деген суроого бул тармакта иш алып барган ишкерлер төмөнкүчө жоопторду берген.

## Таттууларыбыз

Таттулар эң биринчи талап кылынган нерселер болбогондуктан, эл аларды мурункудан аз ала баштаган. Мындан сырткары, ЕАЭБге киргенден кийин башка чет өлкөлөрдөн ташылган чийки заттарды чек арадан киргизүү төлөмдөрү жогорулагандыктан, өндүрүмдүн баасынын артуусуна себеп болду.

## Сүт азыктары

ЕАЭБ базарына киргенден бери сүт азыктарынын сапатын жогорулатууга мажбур болгон ишкерлер мамлекеттик ветеринардык кызматынын чабалдыгына наразы. Жеке чарбаларда саалып жаткан уйлар маал-маалы менен ооруп калуусу ветеринардык кызматтын ыкчам иштөөсүн талап кылууда. Бирок мамлекеттик ишканалардын көбүндөй эле, бул кызмат да жеке демилгеден сырткары калгандыктан аксаганы-аксаган. Элдин Кыргызстандан чыккан табигий таза сүт-азыктарына караганда түрдүү кошулмалардын эсебинен арзан казак, украин жана белорустардын товарларына качыруусу да кедергисин тийгизип келет. Мындан сырткары, Орусиянын украиналык сүт-азыктарына өз чек араларын жабуусу, бул түрдөгү өндүрүмдүн Казакстан менен Кыргызстандын базарына агып кирүүсүн шарттаган. Ошондой эле өлкөбүзгө аткезчилик жолдору менен киргизилген сүт азыктары биздин бардык салыктары төлөнгөн азыктарыбызга караганда арзан болууда. Биздин сүттү кайра иштетүү ишканаларыбыз жайкы мезилде күчтөнүп, кышында өндүрүмү он эсеге жакын төмөндөп кетүүсү да ири мамлекеттердин базарларында туруктуу иштегенге жолтоо болуп келет. Биздин ишканалардын көбү ЕАЭБге өндүрүмүн киргизүү укугун берген фирмалардын тизмесине кирбей калганы да сүт азыктарыбыздын колдо калуу себептеринин бири.

> Элдин жакырлануусу, ветеринардык кызматтын алсыздыгы, аткезчилик, Белорусия, Орусия, Украина жана Казакстандан келген арзан тамак-аштар айыл-чарба тармагыбыздын солгундоосун шарттады

## Эт азыктары

Эт менен ишкерлерибиздин иши 30–35%га солгундап, кызматкерлерин азайтууга түрткөн. Учурда кыргыз эти ички гана базарга чыгып калган. Себеби малды идентификациялоону мамлекет жүктөнүп алганы менен бул багытта иштөө нөлгө барабар десе болот. Андан сырткары, этти сыртка чыгарууга сертификат алган мал союу жайлары жокко эсе. Эл этти аз алып калды же өзү союп алганга өттү. Жыл санап малдын санынын өсүүсү да эттин арзандоосун шарттаган. Жогоруда аталган өлкөлөрдүн чучуктары менен консервалары биздин ишкерлердики менен атаандаша баштаган. Сомдун теңге менен рублдан күчтүү болуусу да кыргыз өндүрүмдөрүнүн баасын жогорулатып, атаандаштыкта уттурууга себеп болууда.

## Жер-жемиштер

Бул айыл-чарба тармагынын ишкерлери эң негизги себеп үстөгү төмөн насыялардын жокко эсе экенине арызданышкан. Болгон насыяларды алуу да өтө татаалдаштырылган. Былтыр Кыргызстанда өсүп чыккан жемиштердин 30%ы чирип кеткен. Ишкерлердин айтымында, ЕАЭБге кирип жатканда бул тармактын өзгөчөлүгүн билбеген биздин аткаминерлер биз тараптын таламын талашканга мүмкүн болбогон документтерге кол коюп салышкан. Ири чарбаларга ылайыкташкан кагаздарга кол коюп, ал келишимдер биздин көбүнчөсү майда чарбалыктардан турган айылыбызга ылайык болбой калган.

## Ишкердин аракети

Көп жылдар бою иштеп келе жаткан ишканалар штатын кыскартпаганга аракет кылууда, себеби кандай болсо да адисти сактап калуу керек. Кээ бир тың чыкмаларыбыз кризиске ылайыкташып же ишине өзгөртүү киргизип ишин да, кызматкерлерин да көбөйтүүнүн үстүндө. Өз кирешесин азайтып, кол алдында иштеп аткан карапайым элдин да, анын маянасын да ошол бойдон сактап калгандар да жок эмес. Ишкер кереги жок, же ашыкча чыгымдарын кыскартып кризистен чыгып кетүү жолдорун караштырууда. Күйүүчү май менен электр кубатын үнөмдөө да бир топ акчаны сактап калууда. Ошондой эле бул катаал убак өндүрүмдүн сырткы көрүнүшүн жакшыртып, кардарга ылайыктуу көлөм жана көркөм кутуда сунууга түрткөн. Ишкерлерибиз муну менен туташ эле базар жана дүкөн менен иштөө ыкмаларын да кардарга ыңгайлаштырууга аракет кылууда.

> Тамак-аш азыктары боюнча эң күчтүү атаандаш – Белорусия. Ал өзүнүн ири чарбасы менен арзан азыктарды өндүрө алат. Буга карабастан биздин ишкерлер Орусияга тамак-аштарын киргизебиз деп шымаланып турган чагы.

Тамак-аш азыктары боюнча эң күчтүү атаандаш – Белорусия. Себеби бул өлкө өзүнүн ири айыл-чарбасын сактап калган. Ошондуктан арзан азыктарды өндүрө алат. Буга карабастан биздин ишкерлер Москва жана Москва облусу жана жалпы эле Орусияга тамак-аштарын киргизебиз деп шымаланып турган чагы.

Жогорудагы фактыларга саресеп салганда биздин эң негизги күчүбүз активдүү жарандык коом жана жаңы базарларды басып алуудан жалтактабаган ишкерлерибизде десек туура болот. Бирок мамлекетибиз да макалабыздын башында айтылгандай туташкан идиштерин кран жана насосторуна таасир бергенди үйрөнсө иш бир топ жеңил кетмек.

## Мамлекеттин жардамы

Мамлекеттик кызматкерлер төмөнкү иш-чаралар менен ишкерлерге жардам берүүдөбүз дейт. Алардын канчалык таасирдүү болуп жатканын окурман өзү көрүп тургандыр.

ЕАЭБге кирүүнү биздин ишкерлерге жеңилдетүү үчүн түзүлгөн Кыргыз-орусиялык өнүктүрүү фонду коммерциялык банктар аркылуу 1 млн АКШ долларына чейинки насыяларды 5% жылдык үстөк менен берүүдө. Насыялардын көбү айыл-чарбага багытталып, дүйнөлүк стандарттарга жооп берген даяр өндүрүм чыгарууну көздөйт.

Учурда мамлекеттин жардамы менен КРдин эт жана сүт азыктарын чыгарган 15 ишканасы Орусияга товарын киргизе алат. Бул тизме барган сайын толукталууда. Сегиз ишкана Казакстандын түштүк облустарына өндүрүмүн экспорттосо болот. ЕАЭБ базарынан сырткары, өкмөт биздин айыл-чарба өндүрүмдөрүн Кытайга киргизүү жаатында да иш алып барып, оң натыйжага жетүүсү толук ыктымал.

Мал ылаңын азайтуу максатында өкмөт былтыркыга караганда үч эсе көп – 131 млн сом бөлгөн. Ветеринардык лабораторияларда иштегенге адис даярдоого жана азыркы 19 лабараториядан сырткары дагы 4 лабаратория ачканга быйыл 37,6 млн сом каралган. Атайын тандалган райондорго малды идентификациялоону үйрөткөн 180 окутуучулар даярдалды. 40 млн сомго 800 миңге жакын бирка алынган. Малдын кулагына тагылчу биркалар улам алынып отуруп, 2017-жылдын 30-майына чейин малдын баары идентификация кылынмакчы. Сыртка чыккан ири чек ара жолдордо 7 ветеринардык пункт ишке киргизилген.

Өкмөтүбүздүн сүт өндүрүүчүлөрдүн кирешесине коюлган салыкты алып салуусу жана сатуу менен кошумча баага коюлган салыктарды алууну кечеңдетүүгө уруксат бергени чоң жардам болуп, биздин ишканалардын атаандаштыкка туруштук берип, алардын бир аз да болсо илгерилөөсүнө себеп болгон. Аба-ырайынын ыңгайлуулугу менен саан уйлардын көбөйүүсү саалган сүттүн 1,5 эсеге көбөйүүсүн шарттап, ишканалардын арзан сүт алуусуна өбөлгө түзгөн. Бул себеп да сүт азыктарыбыздын сырттагы өндүрүмдөр менен атаандашуусуна күч кошкон.

САРЕСЕП ЖАНА TAZABEK

# Каримовдун эшеги суудан өттүбү?

Акыркы 20 жылдан бери чек ара маселеси кыргыздын чекесине чыккан чыйкан болду. Коңшулар кээде техникасы менен тепсеп кирсе, кээде желдеттерин тизип коюп, бийликтин шайын оодарып, жергиликтүү калктын үрөйүн учурууда. Эл башчылары болсо колтукташа бийлеп, жанаша отуруп сыйлашканы менен чек ара көйгөйүн али чече элек

Кезектеги чек ара чыры Аксы районунун Сөгөт айылында катталды. Аталган айыл өкмөттүн башчысы Замир Баназаров өзбек аскерлери 2,5 гектар жерге басып киришти деген маалымат тараткан. Ага ылайык, 30-июнь күнү 10 чакты өзбек аскери Баназаров жыл сайын чөбүн чаап жүргөн жерге кирип келип, кайтарууга алган.




### Кимисиники чын?

Бирок **Аксы районунун акими Медет Айдаралиев Баназаров** тараткан маалымат жалган экенин айтып, чөп чаап жүргөн өзбек чек-арасына 20 метр өтүп кеткенин кошумчалады.



– Интернетте таратылган маалыматтарда, 2,5 гектар деп айтылып кеткен. Бирок ал жерде болгону 47 сотых гана жер талашта турат. Андан сырткары, Замир Баназаров аттуу жаран чөп чаап жатып, өзбек тараптын жерине кирип кеткен. Ал жер буга чейин эле такталып Өзбекстандын жери экени такталган.

Бирок, айыл башчы райондук бийликтен бир дагы адам чек арага басып келбегенин, талаштуу жер 50 метр алыстыкта жайгашканын айтты.

– Эгерде мен туура эмес айтып жаткан болсом, анда райондук бийлик мени сотко берсин. Жергиликтүү бийлик окуя болгон жерге басып барбай туруп, 47 сотых жер деп жалган маалымат таратып жатат. Мындай маалыматтар менен кыргыз жери өзбек тарапка өткөнү калды десек болот, – дейт Баназаров.

### Мамлекеттүүлүк калыптана элекпи?

Ошол эле тапта чек арасы делимитация, демаркация боло элек өлкөлөр бир эле Кыргызстан, Тажикстан же Өзбекстан эмес, дүйнөдө чектери такталбай турган мамлекеттер арбын. Антсе да кошуна өлкөлөр чыр-чатактан алыс, ынтымакта жашап келатканын алардын тарыхы тастыктап тургансыйт. Жадагалса, эки элдин



ортосун тоскон кандайдыр бир тосмо же тикенек зым жокко эсе. Ал эми **саясат таануучу Искендер Ормондун** айтымында укук маданияты, эл аралык мамиленин маданияты толук калыптана элек өлкөлөрдө гана жер талаш, суу талаш, жайыт талаш сыяктуу көйгөйлөр чыгып турат. Ал мындай учурлар көбүнчө постсоветтик жана мурда диктатордук режимде турган өлкөлөрдө көп кездешет деген пикирде.

– Карап көрсөк мамлекеттүүлүк деген түшүнүк толук калыптана элек жерлерде талаш-тартыштар көп болот. Себеби мамлекеттүүлүк калыптанган жерде чек ара маселеси бир эле коомго же ошол аймакта жашаган калкка ташталып коюлбайт. Маселеге биринчи кезекте мамлекет, мамлекеттин тизгинин кармаган институттар кызыкдар болот. Коом аларга таянып, жөлөк тутушат. Ал эми бизде тетири калыптанып калгандай. Мамлекеттин аркасында коом эмес, коомдун аркасында мамлекет жашынып тургансыйт.

### Каримовдун эшеги суудан өттүбү?

Окуя Өзбекстанда өткөн Шанхай кызматташтык уюмунун саммитинен кийин чыкты. Эске салсак, президент Атамбаев буга чейин чек ара чырынан улам саммитке катышпай турганын айткан. Ошондон тартып саммит аяктаар замат чыр чыкканына таң калып, кокустук экенинен күмөн санагандар да бар. Искендер Ормон да күмөн санаганга негиз бар экенин айтат. Анткени Каримов үчүн Атамбаевдин саммитке катышуусу өтө маанилүү болчу.

– Аналитиктердин көз карашы боюнча саммиттен кийин Кыргызстанга кошуналар тарабынан жогорудагыдай ыкмадагы саясат жүргүзүлүшү мүмкүн. Себеби Шанхай кызматташтык уюмуна Кыргызстандын катышуусу өтө маанилүү болчу. Анткени Кыргызстан катышпаса коллегиялык түрдө чечим кабыл алынбай, тыянак чыкпай калмак. Өзбекстан уюштуруучу өлкө катары ийгиликсиз уюштурду деген жаман наам алмак. Аналитиктер Өзбек бийлигинин эшеги суудан өттү. Эми ар кандай маселелер чыгышы мүмкүн деген пикирге келишүүдө. Чынында, ошол саммитте чыныгы дипломатиялык мамилелер, сүйлөшүүлөр болбосо, чек ара маселесинде күчөгөн негативдүү окуялар күтүлүшү ыктымал эле.

### Кошуна бир тепсе, кыргыз эки тебе албайт

Кыргызстан чек арасын Казакстан, Кытай менен гана тактап бүткөн. Ал эми Тажикстан, Өзбекстан менен чектешкен жерлерди тактоо иштери адистердин сүйлөшүүсүнүн деңгээлинен чыга элек. Маалыматка ылайык, Кыргызстан Тажикстан менен чектешкен 970 км чек арасынын болгону 500 километрин, ал эми Өзбекстан менен чектешкен 1375 км жеринин 1000 километрин гана тактоого жетишкен. Калган аймактар талашка түшкөн жерлер болгондуктан, тактоо иштери бир топ кыйынчылыктарга дуушар болууда.

Көпчүлүк учурда талаштын жаңжалга айланып кетүүсүнө кошуналарыбыздын салымы көбүрөөк экенин эч ким тана албайт. Негедир, талаш жер болсо эле басып кирүүдө, чек ара эрежелерин бузууда тажик, өзбек туугандар активдүүрөөк. Ушундан улам акыр түбү талаш жер экен, эмнеге кыргыз тарап алар жасаган иш-аракеттерди жасай албайт деген да суроо туулат.

**Улуттук коопсуздук комитетинин төрагасынын мурдагы орун басары Артур Медетбековдун** пикиринде Кыргызстан эл аралык нормаларга татыктуу иш алып барып, мыйзамдарды катуу карманат.



– Кыргыз бийлигинде да, чек арада жашаган элдин кулк мүнөзүндө да кошунаны сыйлоо деген түшүнүк бар. Ошондуктан көпчүлүк учурда токтоо мүнөз жаратууда. Болбосо, Кыргызстан менен Тажикстан, Өзбекстан чек араларынын ортосундагы талаш-тартыш жерлердин баары тегиз, жайытка ылайыкталган, же суунун башындагы жерлер. 3 жолу бийлик алмашып отуруп, чек ара маселесинин чечилиши улам үзгүлтүккө учурап келатат. Ошол баш аламандыктан пайдаланышып, кошуналар көп учурда чек арадан өзгөчө талаш жерлерге басып кирген учурлары болуп атат. Кыргызстан эл аралык уюмдарга мүчө болуп, алардын мыйзамдарын катуу карманганынан улам кошуналарга эрегишип, бир тепсе эки тебе албайт.

### Жашоочулар ата конушун таштап кетүүдө

Тактала элек чек ара тилкелериндеги конуштарда жыл сайын чыккан суу жана жайыт талаштарынан улам майда-барат чыр-чатактар катталып, материалдык чыгым, кээде адам өлүмү менен да коштолуп келген. Мындай чатакташуулар Кыргызстандын Баткен облусунда жана Аксы, Ала-Бука, Ноокен аймактарындагы чек ара тилкелеринде орун алып келди. Ушундан улам аталган аймактардын тургундары экономикалык-социалдык маселерден мурун, өз өмүрүнө келген коркунучтун айынан ата конушун таштап кетүүгө аргасыз.

Чек ара маселелери боюнча иликтөө жүргүзүп келген серепчи Руслан Ташанов BBC кыргыз кызматына берген маегинде дал ушул жылма-экспансиянын кесепетинен ташталган аймактар жоголуп кетүү коркунучуна көбүрөөк кептелет деп белгилеген.

– Чек ара тилкелериндеги негизги көйгөйлөрдүн бири бул жылма-экспансия. Кыргыз атуулдары экономикалык-социалдык маселелерден улам өлкөнүн ички аймагына көчүп келе берип, үйлөрүн тажик жарандарына сатып, ошол аймактарга тажик атуулдары отурукташып калып жатат. Бул өз учурунда ошол аймактарды жоготуу коркунучун жаратууда.

Аксылык тургун Алмазбек чек ара чыры чыкканда эле өз коопсуздугун ойлоп кабатыр боло баштаганын айтат. Анткени, Алмазбек кокус чыр чыкса, бийлик кыргыз жарандарын коргой албайт деп коркот.

– Көчпөгүлө дешет. Эки күндүн биринде өмүрүбүзгө коркунуч туулуп жатса, кантип көчпөйбүз. Ушинтип жашагыча Чүйдүн кенен жерине барып, жайбаракат жашаган жакшы эмеспи. Ата конушубуз деп жүрүп, бала-чакамды, жакындарымды жоготкум келбейт, – дейт ал.

Серепчилер болсо "Элдин ата конушуна бекем отурукташып калуусун шарттаган бирден-бир себеп жеңилдиктерди түзүп берүү жана жөлөк пулду көбөйтүү", – дешет.

АКЫЛАЙ ТУТКУЧЕВА

# Кыргызстанда багып алууга ылайыктуу бала жокпу?

Өлкөбүздө бала асырап алууну каалагандардын саны жыл сайын өсүп жатканына карабай, багууга берилген балдар дээрлик жокко эсе. Бул жагдайга асыроого ылайыктуу баланын жоктугубу, же болбосо мамлекеттик бюрократия себепкерби? - деген суроого жооп издеп көрдүк



## Багып алчу балдардын көбү оорулуу

Адам баласынын турмуштагы эң чоң бактысы аристе жытын искеп өтүү экендиги талашсыз. Бирок жашоо ар бир инсанга ушул бакытка жетесиң деп кепилдик бере албагандыгы өкүнүчтүү. Балалуу болуу мүмкүнчүлүгүнөн ажырагандардын жарасын аз да болсо бала асырап алуу жолу менен жеңилдеткенге мүмкүнчүлүк бар. Бирок жүздөгөн наристелер балдар үйүндө ата-энесин күтүп отурганына карабай, аларды багып алчу адамдардын дагы эле карааны көрүнбөйт.

Жолдошу менен 8 жылдан бери чогуу жашап келе жаткан Чынара айым ден-соолугуна байланыштуу бир гана балалуу болгон. Чынаранын айтымында, мындан эки жыл мурун бала багып алуу максатында атайын мекемелерге кайрылып көргөн. Бирок ылайыктуу бала таппагандыктан бул оюнан баш тартууга мажбур болгон:

– Жолдошум менен 2008-жылы баш кошконбуз. Ортобузда 5 жашар кызыбыз бар. Кийин ден-соолугума байланыштуу балалуу боло албай калдым. Анан жолдошум экөөбүз кеңешип, эркек бала багып алууну чечтик. Алгач өзүбүздүн райондогу камкордук бөлүмүнө кайрылып көрүп, ал жактан атайын документтерди ырастап, кандай бала керек экенин жазып бердим. Кийин мага бир канча балдарды сунушташты. Бирок ал балдардын көбү оорукчан экен. Ылайыктуусу табылбай, анын үстүнө жолдошум дагы каршы болуп койгонунан баш тартууга туура келди. Эгер ден-соолугу жакшы бала табылса, багып алмакпыз. Бирок биздеги балдардын көбү оорулуу экен. Мунун себеби алар үчүн жакшы шарт түзүлбөй, жакшы каралбаганы болсо керек, – деди.

## Балдарды өз ата-энелерин каратуу үчүн багып алышат

Бүгүнкү күндө жеңил ойлуу жаштардын, кайдыгер ата-энелердин көбөйүшү балдар үйүнүн арбышына кептелтип жатат. Атайын адистердин айтымында балдар үйүндөгү наристелердин 30 пайызын энелери өз каалоосу менен таштап кеткен болсо, 45 пайызы көчөдө калгандар, ал эми 19 пайызы турмуш шартына байланыштуу ташталган балдар. Калган 6 пайызынын ата-энелери абакта, же болбосо оорукчан болгону үчүн баш тартышкан.

**Сокулук районундагы Военно-Антоновка балдар үйүнүн мүдүрү Масылов Аскар** агай: "Бизде балдарды карыган ата-энелерине баш-көз болуу үчүн алабыз" деп кайрылгандар да бар дейт:

– Өлкөбүздө бала багып алат элем, бирок бала жок деген чындык. Мына бизге жумасына эки-үч киши бала багып алат элем деп келишет, бирок ылайыктуу бала жок. Себеби ар бир киши атайын жашын айтып, кыз бала болсо экен, тигиндей болсо экен деген шарттары менен келишет. Аларга берейин десең ылайыктуусу жок болуп калат. Анын үстүнө бизде бир туугган балдар болуп калат. Алардын бирөөсүн жактырып калышса, оңой менен ажыратып бере албайсың. Кээде бала жакпай калса, а кээде бала асырап ала турчу кишилер жакпай калат. Ушинтип балдарды багып алуу ишке ашпай орто жолдо калуууда.

Биздин кыргыздар "Баланын ден-соолугу чың болсо, кийин бала чоңойгондо эч ким келбесе" деген шарттар менен келишет. Андан да кызыгы "Алат элем, ата-энемди карап, баш-көз болуп берсе" дегендери да бар. Анан мен алардан канча балаңар бар, ата-энеңердин неберелери жокпу деп сурасам "Неберелери шаарда жүрөт" деген шылтоону айтышат. "Айла жок, кээ бирөө ушундай болот экен. Келет да баланы айылга, ата-энесине берип койсок жакшы болот эле" дешет. Аларга биздин балдар бирөөнүн ата-энесин багуу үчүн эмес окуп-чокуп, билим алып, өз жолун таап жашоосун улантышы керек экенин түшүндүрөм.

Бала асырап алуу оңой эмес. Бала багып алгысы келген ата-эне ал бала менен бир-эки жыл иштешет. Балага келет, көрөт, сүйлөшөт, дем алыштарда же майрамдарда баланы алып кетип, үйүн көргөзөт. Ошондон кийин гана эң акырында баладан барасыңбы деп сурап, макул болсо гана берилет. Бирок бизде көп жылдан бери багууга балдар алына элек, – деди Аскар агай.

## Кыргыздар соо, чет өлкөлүктөр оорулуу бала каалашат

Кыргызстандык жетим балдарды асырап алуу үчүн чет элдик жарандар дагы атайын арыздар менен кайрылып келишет. Бирок коомчулук өзүбүздүн санбыз аз болгонуна карабай, балдарды чет элдиктерге бергенибиз туура эмес деп каршы пикирде болушат. Анткен менен чет өлкөлүктөр дени сак эмес, мүмкүнчүлүгү чектелген балдарды асырап алууну туура көрүшөт. Бул да болсо балдардын келечегине чоң рол ойноору талашсыз.

**Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигинин үй-бүлө жана балдарды коргоо башкармалыгынын башкы адиси Боробекова Гүлзина** Кыргыз Республикасынын жарандарына 2015-жылы жалпысынан 1012 бала асыроого берилсе, чет өлкөлүк жарандарга 27 бала берилгендигин айтат. Ал эми бүгүнкү күндө 2016-жылдын биринчи кварталына ылайык, 205 бала кыргыздарга, 11 бала чет элдиктерге берилген:

– Чын-чынына келгенде, бизде бала багып алам дегендер көп эле. Алсак, 2016-жылга карата 329 үй-бүлө бала багып алуу үчүн атайын каттоодо турат. Белгилей кетчү нерсе, КРнын балдар кодексине ылайык багып алуу боюнча эң алгачкы мүмкүнчүлүк өз жарандарыбызга берилет. Андан кийин гана бул кезек чет өлкөлүктөргө сунулат. Бул маселе боюнча иш алып барган чет өлкөлүк уюмдар жөн гана уюм болуп түзүлүп коюу менен эле чектелбей аккредитациядан, КРнын мамлекеттик коопсуздук комитетинен, Тышкы жана Ички иштер министрлигинин атайын талаптарына жооп берген уюмдар. Ошондуктан шек санап, кооптонууга эч кандай себеп жок. Ошондой эле чет жакка берилип жаткан балдар өзүбүздүкүлөр тарабынан такыр асырап алынбай калганын белгилей кетүү керек. Биздин жарандар болушунча жаш жана дени сак бала алгысы келет. Ал эми чет өлкөгө берилген балдар жалаң мүмкүнчүлүгү чектелген балдар. Асыроого кеткен балдар атайын мыйзамдарга ылайык көзөмөлдөн өтүп, текшерилип турат. Багып алгандар чет өлкөдөн болсо фото же видео аркылуу отчет түрүндө бизге маалымат берип турушат. Ал эми кыргыз үй-бүлөлөрдү кызматкерлерибиз барып текшеришет, – деди.

Бала багып алууну каалагандар атайын талаптарга жооп берүү үчүн төмөнкү документтерди тапшыруусу керек:

1. Асырап алууга мүмкүндүгү бар экендиги тууралуу арыз
2. Арыз ээсинин (ээлеринин) паспортунун көчүрмөсү
3. Нике жөнүндө күбөлүк (жубайлар үчүн)
4. Жашаган жеринен жана үй-бүлөлүк курамы тууралуу маалымкат
5. Арыз ээсинин туруктуу киреше булагы бар экенин ырастаган документ (иштеген жеринен жана эмгек акысы көрсөтүлгөн маалымкат, ишкердик кирешеси жөнүндө декларациянын көчүрмөсү, жер үлүшү, малы жана башка активдери бар экенин тастыктаган жергиликтүү башкармалыктын маалымкаты)
6. Турак-жайы тууралуу менчик укугун ырастаган документ
7. Соттолбогондугу жөнүндө ички иштер органынын маалымкаты
8. Арыз ээсинин ден-соолугунун абалы жөнүндө медициналык корутунду
9. Иштеген жеринен же жашаган жеринен мүнөздөмө

Баардык документтер берилген күндөн тартып бир жылга чейин жарактуу деп саналат.

Заман талабы менен бирөөнүн баласын бакпай эле жасалма жол менен бойго бүтүрүү ыкмасына өтө баштаган ата-энелердин да саны арбууда. Мындай жол менен балалуу болуу чет мамлекеттерде ишке ашат. Интернет аркылуу бул кызматтын баасы канча экенин билүү максатында Түркиядагы клиникалардын бирине кайрылып көрдүк. Жол кире акысын эске албаганда клиниканын жалпы кызматы 3300 доллар турат. Мындай ыкма аркылуу толук бойго бүтүрүү эч кандай кемчиликсиз ишке ашарына кепилдик беришет.

Баласы жок болуп туруп, балага талабы катуу ата-энелердин көптүгүнөн өлкөбүздө бала багып алуу деген нерсе азайып бараткансыйт. Тигил бала оорукчан, бул бала кара тору экен деп баладан бала тандап олтурушуп, жашоонун кызыгы болгон наристе жытын искебей, алтындай баладан айнып кетип жаткандары өкүнүчтүү...

ТАҢЧОЛПОН БАКЫТБЕК КЫЗЫ

# Шылуундардын тузагына түшкөн калк

Бүгүнкү күнү жер алабыз деп жүрүп шылуундардын тузагына түшкөн адамдар же жерден жок, же акчадан жок отуруп калышат. 2010-жылы Новопокровка айылынан 1500гө чукул жаран 5 сотых жер алуу үчүн 200 доллардан 3500 долларга чейин "Нур күч" коомдук бирикмесине беришкен. Натыйжада, жер мына берилет, ана берилет болуп отуруп 6 жыл өттү. Алданган эл болсо бул көз боочулукта чоң кызматта отурган адамдар да бар экенин айтышат



## "Акчага тиешеси бар адамдар четинен чыгууда"

2-топтогу майып **Үкөй Мураталиева** Новопокровкадагы жер тилкесин алуу үчүн 5 ай чогултулган пособиесин бергенине карабай, азыркы убакка чейин жерин да, акчасын да ала албай келгенин айтат.

– Демилгечи топто 2010-жылдан бери жүрөм. Бул топко ар кайсы категориядагы адамдар кайрылган. Мен мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын жана өзүмдүн бул жагдайга кантип кабылганым боюнча айткалы келдим. Биз – мүмкүнчүлүгү чектелген жарандар, "Нур күч" коомдук бирикмеси жер үлүш берет дегенин угуп, 200 доллардан төлөгөнбүз. Бизден да көп акча бергендер бар. Мен 2-топтогу майып катары, 2500 сом пособия алам. Жер алам деп бир топ ай чогултулган пособияны бергем. Акча төлөдү деген маалымкат да алганбыз. Эми биз берген акча ушул иш үчүн колдонулдубу, же бирөөнүн чөнтөгүнө кеттиби такыр белгисиз. Бул жолу 1500дөн ашуун адам акча берген. Бирок жерден да, акчадан да дайын жок. Новопокровка айыл өкмөтүнүн башчысы Нурмухаммед Баякунов "Нур күч" коомдук бирикмесинин жетекчиси Нурлан Усеновду жалаа жаап, отургузуп койгонуна 1,5 жыл болду. Ага чейин эки тарап келишимге кол коюшкан. Бул көйгөйдү чукуган сайын акчага тиешеси бар адамдар четинен чыгууда. Баякуновго бул жерден эч кандай сөз тийбей жатат. Анткени мамлекеттик деңгээлде таасири бар адамдар отурат. Ошол эле учурда Баякунов "Мен алган жокмун, билбейм эч нерсени" деп айтып жатат. Буга чейин алганын алдым деп да айтпайт, – деди Үкөй.




## "Жер беребиз, чыдап тургула"

"Нур күч" коомдук бирикмесинин тузагына илинген **Таалайбек Осмонов** аталаган бирикменин жетекчиси камакка алынып, өзү акчадан жок, же жерден жок калганын айтат. Ал арыз менен кайрылган мекемелерден эч натыйжа чыкпагандан кийин айласыздан ЖМКга кайрылганын төмөнкүчө айтууда:



– 2010-жылы Бакиев качканда Новопокровка айылындагы жерди эл басып алган. Ошондо Новопокровка айыл өкмөтүнүн башчысы Нурмухаммед Баякунов келип бул жерди мыйзамдуу алгыла, силерге жардам беребиз деп убада берип, "Нур күч" коомдук бирикмеси түзүлгөн. Ошол кезден баштап акча чогултуу башталган. Айыл өкмөт коомдук бирикмеге "Басып алган жерди беребиз" деген кагаз жазып берген. Натыйжада, ар бир киши 200 доллардан 3500 долларга чейин акча чогултткан. Коомдо топ башы болуп 10 киши эмгектенген. Эми бул коомдун жетекчиси камалып жер да, акча да берилбей калды. Андан кийин биз Чүй облусунун прокуратурасына кайрылганбыз, эч нерсе чечилген жок. Айыл өкмөт башында эле коомдук бирикме түзүп, элден эптеп акча чогулткандан кийин жетекчисин каматып коюп, элди чачыратып иием деп ойлонгонбу, айтор, белгисиз. 1500 адамдан 200 адам арыз жазды. Эч жактан натыйжа чыкпагандан кийин, биз эми өлкө башчыга, акыйкатчы институтуна кайрылып баштадык. Бүгүнкү күндө коомдук бирикме дагы деле калп айтып, "Жер беребиз, чыдап тургула" деп убакытты созууда.

"Нур күч" коомдук бирикмесинин негиздөөчүлөрүнүн бири Шарипа Абакировна менен байланышсак, ал бул ишке эч кандай тиешеси жок экенин айтат. Жарандардан эч кандай акча албаганын айтып, адамдар ар кайсы сүйлөй берет деди. Ал эми айтылган коомдук бирикменин азыркы учурдагы жетекчиси Жеңишбек Мамбеталиев бул окуя тууралуу эч нерсе айта албайм деп сүйлөшүүдөн баш тартты.



«17» марта 2015 г
№ 00821

РЕШЕНИЕ

На основании решения общего собрания Общественного Объединения «НУР-КУЧ», действующего на основании Устава, Председателю Общественного Объединения «НУР-КУЧ» организовать работу по исполнению решения общего собрания:

1. Принятие в члены ОО «НУР-КУЧ» на основании заявления, с уплатой членских взносов, утвержденного общим собранием.
2. Провести определенную работу по сбору и уточнений соответствующих документаций и составления двухстороннего договора-соглашения с желающими членами ОО «НУР-КУЧ» для создания очередности в получении земельных участков или жилплощади в 2015-2016гг., в контуре №323 по ген.плану расширения села Ново-Покровского а/а Ыссык-Атинского района Чуйской области.
3. Произвести сбор денежных средств на расходы, связанные с оформлением соответствующих нормативных документаций.

Заявление

Я, Осмонов Азат Ишенбекович паспорт серии №AN3005131 выдан МКК50-00 от 23.07.2012 с Уставом ОО «НУР-КУЧ» ознакомлен. С решением общего собрания согласен. Прошу меня принять в члены ОО «НУР-КУЧ». Обязуюсь соблюдать устав и исполнять решения общего собрания ОО «НУР-КУЧ».

ФИО Осмонов. А.И подпись

М.П.

(400$ төрт жүз доллар)

## "Акчаны өндүрүп алуу боюнча сотко кайрылышса болот"

Ал эми **юрист Адилет Азимов** жер тилкесин берүүгө, коммерциялык иштерди жасоого коомдук бирикменин укугу жок экенин төмөнкүчө айтты:

– Коомдук бирикме коммерциялык уюм эмес. Коммерциялык эмес уюмдар коммерцияга тиешелүү жумуштарды алып барууга болбойт. Андай ишти бирикменин ички пайдасы үчүн жумшоого гана уруксат берилет. Мындай уюмдарда негиздөөчүлөр эч нерсе албайт. Анткени коомдук бирикме болуп түзүлгөн уюм коомго жардам берүү, жакшы иштерди жасоо негизинде түзүлөт. Эгерде коомдук бирикме кандайдыр бир киреше алууга аракет жасаса, анда алдамчылык фактысы бар. Бардык кылмыштар жазык топтомуна бөлүнөт. Кылмыш курамынын негизги учурлары объект, субъект болуп бөлүнөт. Алар адамдын ишенимине кирүү менен алдамчылыкты колдонушкан. Алдамчылык булар айтылган жумушту аткарбаганда башталган. Бул жагдайда юридикалык жактар эч кандай жазык жоопкерчилигине тартылбайт. Жарандардан акчаны чогулткан бирикмеде акча белгисиз себептерден улам каякка кеткени билинбесе, акчаны алган адам жоопко тартылат. Ушундай абалга кабылган жарандар бул көйгөйдү чечүү үчүн укук коргоо органдарына, же сотко кайрылса болот. Ал эми эң башында алдамчылык тузагына илинип калбоо үчүн, иш алып барам деген уюм болобу, же коомдук бирикме болобу алардын башкы негиздөөчүлөрүнүн күбөлүктөрү, документтерин менен таанышуу керек. Аталган уюмдун ушул иштер менен иш алып баруу укугун текшерүү керек. Юристтер менен кеңешип, сүйлөшкөндөн кийин гана акча беришсин. Эгерде аталган жерди айыл өкмөтү аркылуу беребиз деген болсо, айыл өкмөтүнө барып чындап эле жер берилерин тактоо зарыл. Бирок ошондо да уюм эч кандай акча алганга акысы жок. Анткени булар коммерциялык уюм эмес. Бул мыйзамга туура келбейт. Эгерде жарандарда акча бердик деген дүмүрчөк бар болсо, алар соттон 100% утат.

**Новопокровка айыл өкмөтүнүн башчысы Нурмухаммед Баякунов** акча алгандар мурун эле качып кетишкен. Кудайга шүгүр, буларга эч кандай тиешем жок деп төмөнкүлөрдү токтолду:



– Ар ким ар кандай жалган айта берет экен. Чындык керек да. Кудай турат. 2010-жылдары Новопокровкадагы жерди басып алышкан. Бул маселе ызы-чуу болгонуна 1 жыл болду. Трансформация мыйзамдын чегинде болушу керек. Ал эми мыйзам чегинен чыгып басып алабыз деген болбойт. Булар акча чогултуп жүрөт. Ким кандай чогултканын, кимге эмне бергенин, ким канча алганын өздөрү билишет. Жарандар айтып жаткан 163 гектар үлүш жерлер. Ошол үлүш жерлерди басып алалы деген иш-аракеттер жасалган. Учурда тергөө иштери жүрүүдө. Тергөөчүлөр терген жатат. Биздин жерибиз аман, элибиз тынч. Башка бизге эч нерсенин кереги жок, – деди.

Учурда бул маселе боюнча иш Октябрь РИИБинде тергелүүдө. Кимдин күнөөсү бар экенин эми сот гана чечет. Ал эми жарандар жер тилкесин алабыз деп шылуундардын тузагына илинип калбашы үчүн жер берем деген уюмдун, компаниянын же бирикменин башында кимдер турарын, чын эле жер алып берүүгө мүмкүнчүлүгү бар экенин, документтерин текшериш керек.

## Шылуундар баары бир алдайт

Анткени менен азыркы шылуундар ушунчалык адистешип бүткөндүктөн ким болбосун алдап, чөнтөгүн кагып кете алат. Айылдашы болобу, тууганы болобу, же таптакыр эле тааныш эмеспи, айрымасы деле жок. Чөнтөктө акчаң жана жерге болгон кичине эле кызыгууң болсо болду. Бир кездери так ушундай алдамчылыкка кабылганына карабай, аз жерден дагы бир жолу алданып кала жаздаган Курманбек бизге жер менен иштеген алдамчылар тууралуу төмөнкүлөрдү айтып берди:

– Мен студент кезимде да жакшы эле алдангам. Кайдан билем мындай шумдуктар бар экенин. Дагы жакшы көп деле акча эмес болчу. А кийин эжем жер издеп калды. Мына ошондо даана шумшуккө капташтык. Болгондо да бир кезде биздин айылга келин болгон эже экен. Мына анан сүйлөгөнүн айтпагыла. Жерди көргөздү, боло турган кошуналарды айтты, сууң чыгат деди, светиң коюлат деди, жолуң бар деди. Тим эле эч нерсе жок жерди шаарга айлантып койду оозу менен. Документке келгенде да эч такалбайт. Бүтүрүп берем, баары сонун болот дейт. Кыскасы, баардык нерсеге жообу даяр. Өзү болсо сүттөн ак, элди гана ойлоп жашаган адам. Аз жерден калдык аягында. Кудай сактады. Интернеттен так ошол аялга алданып жүргөн бирөөнү көрүп калдым. Ошону менен кайра-кайра чалганына карабай, жооп бербей атып араң кутулгам.

Чынында эле азыр жер маселеси боюнча соттошкону да, соттолгону да көп. Же элибиз ушунча ишенчээк болуп калганбы, же алдамчыларыбыз ушунча көп болуп кеткенби, айтор кайда караба маселе ошол. А мамлекет болсо дале болсо калп эле билбемиш болуп отурат.

АЙПЕРИ АЗАТБЕК КЫЗЫ

# Түстүү көз айнек бала үчүн зыян

Адам баласынын көзү шумдук жаратылган, бирок өтө назик. Ошон үчүн «Көздүн карегиндей сакта» деген сөз бар. Кээде көзгө күн да зыяндуу келет. Баланын хрусталиктери түзсүз болгондуктан, анын күндө жүргөн бир сааты чоң адамдын үч сааты менен барабар. Анткени чоң кишинин хрусталиги аркылуу 10% гана ультрасыя нуру өтсө, баланыкына анын 75%ы өтүп кетет. Көз бул нурлардан өзүн коргой алгандай жаратылса да, кээде көз айнек алуу жакшы болот.

Көз айнек сынып, баланын көзүнө кирип кетпеши үчүн ага поликарбонаттык пластиктен жасалган көз айнек алуу зарыл. Айнектен жасалганын 12 жаштан жогору балдарга алып берсе болот.



### Балага көз айнек тандаганда төмөнкүлөргө көңүл буруу керек:

– Көз айнек баланын чыкыйларын кысып же мурунунан ылдый түшүп кете бербеши керек;

– Бала туш тарабын ачык көрө алгандай алкагы кенен болгону жакшы;

– Балага көк, кызыл, сары жана саргыч кызыл түстөгү айнеги бар көз айнек алып бербеш керек. Көк линзалар күндүн жарыгын күчөтсө, кызыл, сары жана саргыч кызыл түсүнөн баланын көзү тез талыйт.

# Ымыркай жана күн



Ымыркай эки жашка толгонго чейин терисин коргогон нерселер калыптанбайт. Бул куракка чейин анын терисинде күн нурун чыпкалаган меланин пигменти чектелүү гана болот. Ошондуктан күн нуру терең кирип, теринин үжүрөлөрүнө (клетка) зыян келтириши мүмкүн. Чоңойгондо андай үжүрөдөн рак оорусу башталып кетүү коркунучу бар. Бала менен сейилдегенде же бакчада уктатканда ага жеңил, бирок денесин толук жапкан кийим, панамка же жоолук кийгизүү керек. Ачык калган жерлерине болсо күндөн коргоочу крем сүйкөө зарыл.

Бир жаштагы бала көлөкөдөгү ультрасыя нурларга туруштук берип баштаса да, дайыма баш кийимчен болгону жакшы. Күнгө чыгарууну үч жаштан баштаган туура болот.

### Эгер ымыркайга күн өтүп кетсе:

– Баланы салкын же көлөкө жерге киргизүү;

– Кусуп жиберсе кусундусуна какап калбашы үчүн капталынан жаткыруу;

– Денесин кыспашы үчүн чечиндирүү же топчуларын чечүү;

– Бала эсинен танган эмес болсо, ага кашыктап же чыны менен кайнатылган муздак суудан аз-аздан жуткуруу;

– Дене табы жогорулап баратса, башын сууланган мата менен ороо;

– Ымыркайдын денесин муздак суу сиңирилген губка менен сүрүү же суу шейшепке ороо.

# Бала үйдөн кетпеши үчүн эмне кылуу керек?

Өспүрүм курактагы бала же кыз сыртынан күчтүү, орой жана одураңдап көрүнгөнү менен өтө назик жана алсыз келет. Кыргыз милициясы баласы үйдөн качпашы үчүн ата-энелер кандай чара көрүүлөрү керектигин сунуштады

### Балаңыз менен орунсуз араздашып, үйдөн качырып албаш үчүн төмөнкү эрежелерди сактоо зарыл:

– Ага өз алдынча болуп, ойноп алганга да мүмкүн болбогончолук жоопкерчилик жана милдеттерди жүктөбөңүз. Чоң көрүнгөнү менен дагы эле бала экенин эстен чыгарбаңыз;

– Кимдир бирөө балаңыздын тарбиясына арызданса, дароо жазалабаңыз. Эмнеге андай кылганын териштирсеңиз анын жаман оюн болбогонун билесиз;

– Ката кетирген учурда, аша чаппай, катасына жараша жаза бериңиз;

– Өзүңүздүн көңүлүңүз чөккөндүктөн же «жөн эле» алдын алуучу жаза бере бербеңиз;

– Балдарыңызга кош көңүл болбой, аларга адилеттүү мамиле кылыңыз. Анын көйгөйлөрүн бирге чечсеңиз балаңыз эч качан үйдөн сууп, качпайт.

Өспүрүм балага сүйүүңүздү кичине кезиндегидей эмес, курагына жараша билдириңиз. Эгер кичинесинде аны жакшы карап, коргоп жана көзөмөлдөсөңүз, өспүрүм болгондо анын өзгөчөлүгүн, өз алдынчалыгын, өз тагдырына жоопкерчиликтүү мамиле кылуусун кубаттоо менен сүйүүңүздү билдиресиз.

### Бала төмөнкү себептерден улам үйдөн безер болот:

– Кызыгуу, көп нерсени билип, өзүн сынап көрүү;

– Кайталана берген күндөрдөн тажоо;

– Кандайдыр бир топко аралашып «Мен досторумдай болушум керек» дегенден улам;

– Ата-энесине сөз менен бир нерсе түшүндүргөнгө мүмкүндүгү калбаганда;

– Ыйман жана тагдыр маселесин жакшы түшүнбөгөндүктөн;

– Ар кандай себептерден улам сүйгөнүнөн же жакын адамынан ажырап калганда.

### Маанилүү үч кадам:

1. Бала өзү кыла алчу нерсеге жардамдашпоо. Өзүңүз каалап турган нерсеге баланы ачык багыттап, түрткүлөө ниетинен баш тартыңыз. Андан көрө, ошондой жагдайда өзүңүзгө: «Балам өз алдынча чечим чыгарып, анысы үчүн жоопкер болушу үчүн эмне кыла алам?», – деген суроо бериңиз.

2. Балаңыз өз алдынча чечим чыгарганына чын жүрөктөн сүйүнүңүз. Биз тез өөрчүп, көз алдыбызда кулпуна жетилип, белин түзөп бараткан инсан жаратылып жатканын эстен чыгарбасак гана сүйүнө алабыз. Балабыз биз каалабаган, кийин көңүлүн оорутуп алчу натыйжага бет алганын көрсөк да, мындай болуп калуу ыктымалын түшүндүрүп, бирок аларды өз тажрыйбасынан өткөрүүсүнө тоскоол болбосок туура болот.

3. Балабыз тууралуу кээ бир ой жана ыманып алган нерселерибизди өзгөртүү. Бул өтө маанилүү кадам. Анткени биздин кыймыл-аракеттерибиз сөзсүз ынанган нерселерибизге негизделет. Эгер биз балабыз табиятынан таза жаратылганына, туура сапаттарга ээ экенине жана туура чечимдерди кабыл алып, өзүн эптеп кетээрине ынансак, аны кыйналбай колдой алабыз. Бул учурда биздин сүйүүбүз туура нукта өнүгүп, балдарыбыз үйдөн безер болбойт. Жакшы ата-энеден бала качпайт. Жакшы ата-эне баланын көңүлүн калтырбай, ага тууралыктын, адилеттүүлүктүн жана ишенимдин үлгүсү боло алган ата-эне десек болот.

### Бала өз билемдиги менен үйдөн чыгып кетүүсү менен жоголуусун алдын алуу үчүн:

1. Баланын күн бою кайда болорун билүү;

2. Кечки саат ондон кийин баланы чоң адамдын коштоосу жок сыртта жүрүүгө уруксат бербөө;

3. Баланын айлана чөйрөсүнө көңүл буруу. Достору менен байланышта болуп, алардын даректери жана телефондорун билүү;

4. Балдардын бош убактысын билип, аларга түрдүү иш-чараларды уюштуруп берүү;

5. Жолдогу, токойдогу, суудагы коопсуздук боюнча, өрт чыкканда, бейтааныш адамдар менен сүйлөшкөндө, үйдө жалгыз болгондо эмне кылуу керектиги тууралуу бала менен сүйлөшүү;

6. Бала кийим-кечесин адаштырбай, дароо таануу үчүн өчүп калбагандай, жок болбогудай белгилерди коюу.

7. Бала белгиленген убактан бир сааттан ашык дайынсыз кетсе, балаңыз баруу ыктымалы бар болгон бардык досторуна, тааныштарына, бир-туугандарыңызга, жакынкы бейтапканаларга, «Тез жардам» кызматы жана укук коргоо мекемелерине чалып чыгуу;

8. Эгер жогорудагы аракеттерден кийин да дайыны билинбесе, укук коргоо мекемесине барып арыз жазуу;

9. Балаңыз табылган соң анын кайтып келгендиги тууралуу милицияга билдирип коюу.



### КАЙРЫЛУУ ТЕЛЕФОНДОРУ:

Бишкек шаарынын Ички иштер башкармалыгынын (ИИБ) кезөт бөлүмү 102;

Бишкек ш. ИИБинин Ленин районунун кезөт бөлүмү 35-29-47; 35-26-05;

Бишкек ш. ИИБинин Биринчи май районунун кезөт бөлүмү 56-60-43; 56-32-48;


Бишкек ш. ИИБинин Свердлов районунун кезөт бөлүмү 43-32-75; 43-28-15;

Бишкек ш. ИИБинин Октябрь районунун кезөт бөлүмү 54-41-84; 54-41-16;

Бишкек ш. ИИБинин ишеним телефону 43-71-68.

# Америкада шарттар жакшы

Кыргыз Республикасынын Эркин күрөш боюнча чебери Адилет Романов спорт чөйрөсүнө мектеп жашынан аралашып, 28 жашында көптөгөн ийгиликтерге жеткен. Ал ачык чемпионатка, Азия чемпионатына, Кубок чемпионаттарына катышып байгелүү орундарды алып келген. Учурда жаш спортчу Кыргызстандан алган тажрыйбасын Америкада даңазалап, чемпион наамдарынын ээси болууда. Андан сырткары, келечекте мекенине келип жаштар үчүн спорт комплексин курууну көздөйт



## “Тажрыйбамдын аздыгынан утулуп, ыйлагам”

“Мен 1988-жылы Таш-Көмүр шаарында төрөлгөм. Кичинекей кезимен спортко кызыгып, чоң спортчу болсом деп кыялданчумун. 2000-жылы Таш-Көмүр шаарындагы №7 мектепте билим алдым. 6-классымда спорт жолуна аттандым. Алгачкы машыктыруучум Молдомуратов Асан агай болду. Жаңыдан машыга баштаган жылы аталган шаарда 32 килограмм салмакта күрөшкө чыгып, 1-орунду ээледим. Ошол күндөн тарта күн сайын спортко кызыгуум артты. Ал эми Каракол шаарында жана Жалал-Абадда өткөн мелдештерде 35 килограммдык салмакта 1-орунга жеттим. 2001-жылы Бишкек шаарында кадеттер арасындагы спорт мектебинин Кыргызстандагы чемпионатында 39 килограмм салмак менен чыгып, тажрыйбамдын аздыгынан биринчи жолу утулуп, ыза болгом. Ошол утулуудан кийин алдыга чоң максаттарды коюп, машыгууну көбөйттүм.

## Кийин спорт мектебине окууну чечтим

Бишкектеги машыктыруучум Бекболиев Шаарбек агай мени даярдап жүрдү. Андан кийин кадеттер арасындагы мелдештерде 1-орунга жетише баштадым. 2008-жылы Кыргыз Республикасынын курама командасынын өкүлү болдум. 2009-жылы Алматыда жаштар арасында өткөн чемпионатта 2-орунду алгам. Ушул эле жылы бизде өткөн президенттик кубокто 1-орунду ээлегем. Бул жеңиштерден кийин чоңдордун курама командасына кирдим. 2010-жылы Индияда өткөн Азия чемпионатында 5-орунга илиндим. Ал эми Ташкентте жана Кытай мамлекетинде да мелдештерге катышып 3-орунду алып келдим. 2010-жылы Москва шаарындагы ачык чемпионатта 2-орунга татыдым. Ошол эле жылы Орусияда Греплинг чемпионатында 1-орунга жеттим.

## “UFCден көптөгөн ийгиликтерди жаратуу”

Америкада жыл сайын Эл аралык дүйнөлүк голден гран при мелдеши өткөрүлөт. Девит Щульц аттуу олимпиядалык чемпиондун элесине арналган мелдешке келгем. Колорадо, Спрингс шаарларындагы олимпиядалык спорт базасында бир ай калып, мелдешке даярдандым. Американын спортчуларына түзгөн шарттарын көрүп, бул жакта калып машыгуумду улантууну чечтим. Ошол убактан бери 3 жолу чемпион наамына ээ болдум. Огайо штатында Греплинг спорту боюнча мелдеште 1-орунга ээ болгом. Учурда спорт менен машыгып, UFCге катуу даярдык көрүүдөмүн. Буйруса, UFCден көптөгөн ийгиликтерди жаратууну максат кылуудамын.

## “Огайо штатында тажрыйба бөлүшүп жатам”

Кыргызстан кичинекей мамлекет болсо да, талантуу, кыйын, күчтүү балбандарыбыз көп. Деги эле бизде спорчулар көп, бирок аларга мамлекет шарт түзүп, жардам бербейт. Спортту көтөрсөк, мамлекет өзү да таанылат эле деп ойлойм. Анткени Кыргызстан деген өлкө бар экенин көптөрү билбейт. Биздин спортчуларыбыз дүйнөлүк ареналарда Кыргызстандын желегин көтөрүп, желбиретсе дүйнө жүзү тааныйт эле деп ойлойм. Бизде машыгуучу бөлмөлөр эски, шарттары жок болгондуктан кыйын спортчуларыбыз башка жактарга кетүүдө. Ошондуктан мен Кыргызстанга өз салымымды кошоюн деген оюм бар. Мамлекет салбаган спорт комплекстерин салып, таланттуу жаштарыбызды даярдагым келет. Америкадан бутка туруп алсам, өз мекениме келип, биринчи эле спорт комплексин куруп, өз окуучуларымды дүйнөлүк аренага чыгарсам деген оюм бар. Азыр Американын Огайо штатында өз тажрыйбамды текке кетирбей, кичинекей балдарды машыктырып жүрөм. Спорт менен дүйнө жүзүн көрүп, көп нерсе үйрөндүм. Ата-энеме жана машыктыруучума ушул даражага жеткиргени үчүн рахмат айтып, ыраазычылык билдирем.

## “Келинчегим дагы спортчу”

Үй-бүлөм бар, келинчегим да спорт жаатындагы адам десем болот. Келинчегимдин аты Бурул Алыкулова, ал дагы 8 жыл күрөшүп, көптөгөн ийгиликтерге жеткен. Эркин күрөш, греплинг, аялдар арасындагы эркин күрөштөрдүн чебери.Келинчегим экөөбүз жетпеген ийгиликтерге, балдарыбыз жетет деп ишенебиз. Бурул экөөбүз тең спорт адамы болгондуктан бири-бирибизди жакшы түшүнүп, колдойбуз. Экөөбүз Америкада да ийгиликтерди жараталы дейбиз. Бул жерде машыгуу залын ачалы деп ылайыктуу жерлерди караштырып жатам. Биз эртең менен жумушка кандай барбайлы, кечинде сөзсүз машыгуу залына барабыз. Ар кандай мелдештерге да чакыруулар көпкөп келип, алардан байгелүү орундарды алып турабыз.

АЙПЕРИ АЗАТБЕК КЫЗЫ

# Бул жардам бардык облустарга жетет деп турабыз

“Элим барсыңбы” кайрымдуулук фонду 12-кичирайондо жайгашкан “Тоголок Молдо” атындагы №71 мекреп-интернатында кезектеги кайрымдуулук иш-чарасын өткөрдү. Анда Батыш Европадан келген 40 тоннага жакын кийим-кече муктаж адамдарга таратыла баштады.

Бул тууралуу **“Элим барсыңбы” кайрымдуулук фондунун социалды кызмаркери Майрамбек уулу Канымет:** “Бул иш-чара “Элим барсыңбы” кайрымдуулук фонду тарабынан атайын куттуу Рамазан айында элдин батасын алыш үчүн өткөрүлүп жатат. Бул кайрымдуулуктун көпчүлүк бөлүгү мүмкүнчүлүгү чектелген майыптарга, аз камсыз болгон үй-бүлөөлөргө, карылар менен жетимдер үйүнө жана атайын мекемелерге берилип, биздин каттоодогу үй-бүлөөлөрдүн ар бир мүчөсүнө таркатылып жатат.

Кийим-кечелер Германиядагы “Тайм ту хелп” (timetohelp) кайрымдуулук фонду менен түзүлгөн атайын келишимдин алкагында алып келинди. Жалпысынан кырк тонна кийимкече, оюнчук, дары-дармектер бар. Мынчалык чоң көлөмдөгү жардам бардык облус менен райондордун ар бир айылына чейин жетет деп турабыз. Баса белгилеп айта кетсек, баса албаган майыптар, карылар үйлөрүнө атайын кызматкерлер алып барып беришет. Бул фондубуздун ушул жылга коюлган негизги беш планынын төртүнчүсү.



Кышкы, күзгү бардык эле мезгилде кийилчү кийимдин, бут-кийимдердин түрүн муктаждардын дене өлчөмүнө жараша беребиз. Кийимдердин, буткийимдердин көпчүлүк бөлүгү бир аз эле колдонулган. Үч түрлүү дары бар. Аларды алып жаткан адамдарга дарыгердин көзмөлү менен ичүүсүн эскертип жатабыз. Азыркы учурда келген жардамдын төрттөн бири да түгөнө элек. Жардам алуу үчүн паспорт, же пенсиялык китепче керек. Туулгандыгы тууралуу күбөлүк да жарайт. Алган адамдын аты-жөнүн, канча кило кийим жана дары берилгенин жазып калабыз.



# Түркия Орусия жана Израил менен эмнеге элдешти?

Учурда Түркия үчүн Орусия жана Израил менен элдешүү өтө маанилүү. Батыштан айырмаланып, түрк саясатынын барган сайын авторитардашып баратканы бул эки мамлекеттин башын оорутпайт

Түрктөр орус учагын атып түшүргөндөн кийинки жети айдан бери Владимир Путин менен Режеп Эрдоган биринчи жолу сүйлөштү. Расмият аны «натыйжалуу» жана «позитивдүү» деп сыпаттады. Орус-түрк алакасынын жакшырыусу Стамбулдагы "Ататүрк" учак майданындагы терректка дал келди. Бул символикалык көрүнүш. Себеби түрк саясатынын айынан карапайым калктын кырылуусу өлкөнүн көнүмүш адатына айланып баратат. Орусия жана Израил менен элдешүүгө далбастоо тынч жашоого далалат кылуунун белгиси. Бирок Түркиянын бул мамлекеттер менен чатакташа кеткенге чейинки таап аткан пайдасына кайра тез жетиши арсар.



## Согуш айлампасына кирген Түркия

Түркия согуш абалына кирген мамлекетке айланып калды. 2015-жылдан берки террордук чабуулдарда өлгөндөрдүн саны миңдеп саналат. Түркия азыркы учурда аймагына террорчулар менен мигранттар эң көп кирген мамлекеттердин лидери болуп турат. Экономикадагы абалы да оор. Расмий көрсөткүчтөрдү карасаң, Ички дүң өндүрүм (ИДӨ) 2016-жылдын биринчи чейрегинде 4,8%га өсүп, өлкө өнүгүп жаткан сыяктуу. Өлкөдө өндүрүлгөн товар жана кызматтын натыйжасы болгон ИДӨнүн мынчалык өсүшү сонун көрсөткүч. Бирок бул өсүү мамлекеттин аргасыз кылган чыгашаларынан турат.

Түрк ИДӨсү саламаттык сактоого жумшалган каражаттын 22%га өсүүсүнө байланыштуу. Себеби атайын операция жана террордук чабуулдарда жаракат алгандарды сакайтууга кеткен. Өлкөдөгү куралдуу күчтөргө кеткен каражат 40%га жогорулаган. Атайын аскердик операцияларга коротуу 17%га өскөн. Миңдеген аскерлерди жана полистерди кызматка чакыруу, согуштук оор техника менен тик учактарды алуу Түркиянын аскердик чыгымдарын эки эсеге чыгарды.

Алдыда Түркиянын түштүк-чыгышында аскердик аракеттерден талкаланган шаарларды калыбына келтирүү үчүн бүтжеттен эбегейсиз каражат жумшалмакчы. Бул адаттагы экономикалык өсүүгө окшобойт. Мында өсүү жана жумушсуздуктун азаюусу инвестициянын келиши менен экспорттун көбөйүүсүнө эмес, террорчулук жана анын кесепеттери менен күрөшүүгө негизделет.

Сырткы көзгө көрүнө бербеген жогорудагы кызык абал Түркиянын көйгөйлөрүнүн бирөөсү гана. Кризис мамлекеттин экономикадан баштап тышкы саясатына чейинки бардык тармактарын ороп калган. Ал мамлекеттик кызматтын натыйжасынын барган сайын төмөндөп бара жатканынан билинип турат. Коомдук сурамжылоолор түрктөрдүн келечегине күмөн экенин жана коомдун саясий өнүгүүсү туңгуюкка кептелгенин ашкерелеп турат.

## Банкроттун соодасы башталды

Эрдогандын Путинге кайрылуусунун орус тилине которулган үзүндүсү Орусия жана батыш ЖМКсына дүң болду. Түркия өзү үчүн эң ыңгайлуу ыкма колдонгон. Эрдоган учактан парашют менен секирген соң түрктөргө ыктаган күчтөр тарабынан асманда атылган орусиялык учкуч Олег Пашковдун үй-бүлөсүнө көңүл айткан. Бирок каттагы көңүл айтуу менен кечирим тилөө Орусиянын президенти Путинге жолдонгон.

Андан кийинки Путин менен Эрдогандын телефондон сүйлөшүүсү Кремль каттын мазмунун түрк тарап менен диалогду баштоого жетиштүү деп тапканына ишарат болду. Путин мамилелерди өзү койгон шарттарга жараша кайра калыптандыруу артыкчылыгын Эрдогандан алды.

Кандай болсо да оор диалог Түркия үчүн адат болгон, бирок анын достору менен өнөктөштөрү үчүн ыңгайсыз соодалашуу түрүндө болмокчу. Европалыктар бардык нерседен тыйын тапканга аракет кылган мындай орой соодалашуу мүнөзүнөн улам Эрдоганды «Килем саткан көпөс» деп сындашкан. Орусиялык бизнесмендер болсо түрк мунай-газ тармагындагы башаламандыкты «чыгыш базары» дешет. Ошентип бул базар кайра ишке кирди.

## Жөөттүн көзүн караган түрк

Анкаранын тышкы саясаттагы дагы бир жетишкендиги Эрдогандын орустардан кечирим суроосунун көлөкөсүндө калып кетти. Түркия алты жылдык араздашуудан кийин Израил менен дипломатиялык алакаларын улантууга киришти. Бул макулдашуу орустар менен жакындашуу сыяктуу күтүүсүздөн болгон жок. Эки тарап тең бир нече мөөнөт ички коомдук пикирлерин даярдады.

> «Түркия талкаланган шаарларды калыбына келтирүү үчүн бүтжеттен эбегейсиз каражат жумшамакчы. Бул экономикалык өсүү жана жумушсуздуктун азаюусу инвестициянын келиши менен экспорттун көбөйүүсүнөн эмес, террорчулук жана анын кесепеттери менен күрөшүүгө негизделет»

2010-жылы түрк кайрымдуулук фондунун "Mavi Marmara" кемесине жүктөлгөн жардамынын Газа тосотун бузуп кирүү аракети эки өлкөнүн он жылдап созулган жигердүү кызматташуусуна чекит койгон. Тогуз түрктүн өлүмүнө себеп болгон бул окуядан кийин алакалардын кайра түзүлүшү үчүн Анкара Тель-Авивге расмий кечирим суроо, өлгөн түрктөр үчүн айыппул төлөө жана Газа тосотун алуу деген үч шарт койгон.

2013-жылы март айында Нетаняхунун телефондук сүйлөшүүсү учурунда Эрдогандан кечирим суроосу эч күмөнсүз Түркиянын жеңиши болчу. Бирок быйыл түрктөрдүн жеңгендей түрү жок. Тетирисинче, урушпаган эли калбаган Түркия бул ирет үч жыл мурункуга караганда бир топ эле жумшарган кейпи бар. Анткени Израил Түркиянын эң негизги талабын аткарбай, Газа тосотун ошол бойдон калтырып койду. Демек алты жылдык тирешүүдөн эч майнап чыккан жок. 2010-жылы маселе жараткан кайрымдуулук фондуна Эрдоган «Менден уруксат сурап койдуңар беле?!» деп балп эткизип кутулду. Израилден мынчалык кетенчиктеген Анкаранын тышкы саясаты башка өңүткө кеткенин кабарлайт. Түрктөр баалуулуктарга багытталган эмес, жалтайлаган жана кара курсакка багытталган саясатка өтөрүн билгизди.

## Жаңы багытпы?

Эрдогандын Путинге жазган каты «Израил менен бир боорлошууга» окшогон эле аракет. Мында деле эл аралык «камактан» чыгуу да, принциптерден тайып, кара курсак соодасына өтүү да бар. Жарашуу мөөнөтү да туура тандалган. Түркиядагы авторитарлашуу аракеттери Евробиримдик менен тирешүүнү курчутуп, АКШны түшүнбөстүккө түрттү. Москва менен Тель-Авив болсо Анкаранын ички саясаты менен иши жок. Ошондуктан бул эки мамлекет менен алакалар Эрдоганга кандай болгон күндө да пайда алып келет.

Орусия жана Израил менен жарашуу экономикалык пайда гана алып келбестен, Жакынкы Чыгыштын саясий аба ырайын өзгөртөт. Бул эки мамлекет менен элдешүү Сириядагы Башар Асад менен жарашууга да жол ачышы мүмкүн.

Бирок орус-түрк алакалары араздашууга чейинки деңгээлге тез арада жетип баруусу арсар. «Түрк агымы» жана «Аккую» атомдук электр станциясы сыяктуу ири долбоорлорду мурунку калыбына келтирүү оор. Учурда «Газпром» түркиялык өнөктөшү «Боташ» менен соттошууда, «Росатом» болсо «Аккую» АЭСтин курулушун быйылкы бүтжетине киргизген эмес.

Орусияга киргизүүгө тыюу салынган түрк жер-жемиштерине жол ачылса да, орустар жайдын ортосунда аларды сатып алгандан көрө өздөрүнүкүн жейт. Жайдын саратанында араң ачылган чек аралар түрктөрдүн туризмден жоготкон кирешелерин актап бербейт.

Ошентсе да Орусия жана Израил менен алакалардын жайжайына келиши түрк жетекчилигинин ички саясатына жарап берчүдөй көрүнөт. Анткени Биналы Йылдырым өкмөт башына жаңы келгенде жакынкы жана алыскы коңшулар менен алаканы жакшыртам деген убадасына ылайык жаңы тышкы саясий багыт ачууга мүмкүндүк алды.

Европанын эң бекем кайтаруудагы учак майданы саналган Стамбул аэропортундагы жарылуулар Түркиянын тышкы саясатында салынып жаткан жаңы чыйырды тездетмекчи. Бул түрк жетекчилигинин буга чейин тымызын колдоп келген ИГИЛге болгон мамилесин өзгөртүп, ага каршы батыштык өнөктөштөрү жана Орусия менен кызматташууга түртүү болушу мүмкүн. ИГИЛдин Түркия үчүн негизги коркунучка айлануусу күрд маселесин күчкө салбай чечүүгө мажбурлайт. Ошондуктан Израил жана Орусия менен элдешүү түрк саясатында жаңы этаптын башталуусуна жол ачат десек болот.

ПАВЕЛ ШЛЫКОВ, carnegie.ru

# Рамис Жунусалиев: **Чемпион болуу оңой, чемпиондукту кармап туруу кыйын**

Быйылкы көк бөрү оюнунда оомат "Сары-Өзөн" командасына ооп турат десек жаңылышпайбыз. Анткени команда Нооруз жана Жеңиш турниринде өткөн оюндарда удаасы менен чемпиондукка жетише алды. Айрыкча, акыркы Жеңиш турниринде учурдун мыкты командасы экендигин далилдей алды десек болот



9-майга карата өткөрүлгөн оюндарда "Сары-Өзөндүн" 3 алдыңкы оюнчусу белгилүү себептер менен турнирге катышкан эмес. Ушундан улам команданын жеңишине ишеним арткандар аз болгон. Бирок оюн көпчүлүк ойлогондой болбой, айтылуу "Сары-Өзөн" өзүнүн чыныгы чемпион экендигин далилдеп, күйөрмандарынын үмүтүн актап жеңишке жете алды.

## Алгач "Суусамыр" деген ат менен чыгып жүрчү

Алгач биз 2009-жылы күзүндө "Суусамыр" командасы деп түптөлүп жакшы оюндарды көрсөттүк, бирок анча-мынча күч жетпей атты десек болот. Кийин 2015-жылы жаздан баштап биздин команданын катарына Урмат Мусаев, Нурбек Юсупов, Айбек Иманалиев, Мирлан Рысалиев деген балдар кошулду. "Суусамыр" менен "Тынай" командасы биригип 2015-жылдан баштап расмий түрдө "Сары-Өзөн" командасы болуп чыктык. Күчтүү балдар, күчтүү аттар кошулуп 1-орунга чыктык десек жаңылбайм. Анткени "Сары-Өзөн" болуп түзүлөрү менен 2015-жылдагы Нооруз, Жеңиш турнирлерин уттук. Быйылкы турнирлердин баарынын жеңүүчүсүбүз. Эки жылдан берки өткөрүлгөн оюндарда алдыңкы орундабыз, бул эмнени билдирет? Бул Чүйдөгү командалардын ынтымагын, биримдигин билдирет.

## "Сары-Өзөндүн" сүрөөнчүлөрү күчтүү дешет

Мен ар дайым айтып жүрөм, биздин белгилүү байкебиз Аскар Салымбеков бизге демөөрчүлүк кылып, 6 жылдан бери бизге ижарасын төлөтпөй сарайын берген. Урмат Самаев да командабызга жакшы жардамдарды көрсөтүп, колдоосун аябайт. Андан тышкары, Чүйдөн дагы байкелерибиз бар. Бирөөсү ат алып берсе, бирөөсү чөп алып берет дегендей. Көк бөрү өзүңүздөр билгендей, көп каражат талап кылган спорт.

## Команданын өзгөчөлүктөрү жана артыкчылыктары

Ар бир команданын сөзсүз түрдө өзгөчөлүгү болот. Биздин командага сен тиги атты тигиндей кыл, бул баланы кош деп бөлөктөр кирише албайт. Команданын жетекчиси катары мен бүт жоопкерчиликти өзүмө алгам. Чоң турнир болордо кем дегенде 2-3 ай даярданабыз. Оюнчуларыбыз болсо айлык албаса да, Суусамырдан бери келип даярданышат. Курамда оюнга жан-дили менен берилген балдар ойнойт десем болот. Өзгөчөлүгүбүз – биздин биримдигибиз, ынтымагыбыз, мээнеткечтигибиз. Ар бир оюнда атаандаш командага жараша өзүбүзчө ыкмабыз бар. Эгерде жеңил команда болсо, аларга өзүнчө, күчтүү команда чыкса аларга өзүнчө ыкма колдонобуз. Мисалы, акыркы эки оюнда "Достук" командасы менен ойнодук. Баарына эле белгилүү болуш керек, "Достук" командасынын эң күчтүү оюнчусу – Манас Ниязов. Биздин Айбек Иманалиев деген жигитибиз Манасты 60 мүнөт бою ойнотпой койду. Ошондуктан акыркы турнирде Манас Ниязов көрүнө алган жок. Машыгуу боюнча айтсак, командабыздын машыктыруучусу Эрмек Шекитов убагында мыктылардын мыктысы болуп турган. Аны кыргыз эле эмес, Азия тааныган тажрыйбалуу оюнчу десек болот. Балдарга да жакшы мамиле кылат. Машыгуу маалында балдар менен чогуу мурунку оюндардын видеолорун кайра-кайра көрөбүз. Ким кайсы жерден кемчилик кетирсе, ошол катачылыктарды белгилеп көрсөтүп, ошол жерден мындай кылсаң туура болмок деп түшүндүрөбүз. Негизи балдарга видеодон катачылыктарын көрсөтүп түшүндүргөн жакшы жыйынтык берет. Андан сырткары, балдар да, аттар дагы талаптагыдай машыгуудан өтүшөт.

## Жалаң Чүйдүн балдары ойнобойт

Бул жакта Сары-Өзөн деп турганы менен жалаң гана Чүйдүн балдарын чогулталы деген саясатыбыз жок. Ушул эле Сары-Өзөндүн катарында Айдин Сүйүнбаев, Алтынбек Кожогулов деген эки Таластык балабыз бар болчу. Балдарыбыз жалаң гана Чүйдөн болуш керек деген ойдон алыспыз. Оштун, Таластын же башка облустун жигиттери биздин команданын катарына кошулабыз десе биз каршы эмеспиз, колдойбуз. Биздин бир жаман жерибиз Ош, Талас, Баткен, Нарын же Ысык-Көл болуп бөлүнүп кетебиз. Дагы бир жаман жерибиз, көк бөрүдө командалардын аттары көбүнчө облустардын, райондордун аттарынан коюлган, ушуну туура көрбөйм. Анткени күйөрмандар бөлүнүп калат экен. Бирок азыр биз бул жөнүндө атайын иштерди жүргүзүп жатабыз. Кудай буюрса, мүмкүнбү же мүмкүн эмеспи так билбейм, бирок командаларга ат коюуда облустардын, райондордун атынан койгондү жөн эле койсокпу деген сунушту федерацияга киргизип жатабыз. Мына азыркы "Достук", мурдагы "Кабылан", "Рассвет" командаларынын аталыштары жакшы. Эч бир жердин атын билдирбегендиктен элди эки жээкке бөлбөйт.





## Тартип маселеси жана көлдөгү эреже бузуулар тууралуу

Биринчиден, ал турнир мамлекеттик турнир эмес, той болчу. Андан тышкары, оюн учурунда калыстан абдан көп кемчилик кеткен. 1,5 саат созула турган оюн 3 сааттан ашык созулган. Мындай айтканда оюн маалында калыс өзү көп катачылыктарды жасаган. Командалар ортосунда ызы-чуу, мушташ болуп атканда Рустам Тыналиев бөлөк бирөөнү чабам деп калысты уруп алган. Атайын чапкан эмес. Рустам сөзсүз түрдө өзүнүн жазасын алды. Өзүңөр билгендей, ал расмий оюндардан четтетилди. Бул бардык көк бөрүчүлөргө сабак болду. Анткени ошол эле Рустам Тыналиев 2015-жылдын эң мыкты улакчысы деп аныкталган. Анан эң мыкты улакчыны 1 жылга оюндан чыгарып коюу бул баарына сабак. Бул бир четинен "Көк-Бөрү" федерациясынын чечкиндүү кадамы. Анткени Рустамдай оюнчуну чыгаргандан кийин бизди жөн эле чыгарат экен деп сабак алышты. Тартип болмоюнча жыйынтык да, ийгилик да болбойт. Оюн учурунда эреже баарыбызга бирдей. Мен ар дайым командага эч качан калыс менен талашпагыла, башка улакчылар менен камчылашып чабышпагыла деп эскертем. Биздин алдыга койгон максатыбыз элге майрам кылып жакшы оюн көргөзүп, таза жеңишке жетиш. "Эреже бузсаң, оюн талаасында 3 оюнчу калат. Ошонун негизинде атаандаш команда упай алат", – деп ар бир оюнчуга эскертип туура, таза ойногонго үйрөтөбүз.

## Былтыркы кубоктогу утулуу тууралуу

Чынын айтканда, былтыркы Президенттик Кубоктун астында биздин даярдыгыбыз начарыраак болгон. Быйыл Ноорздагы оюнга январдын үчүнөн баштап даярдана баштаганбыз. Мээнет кылса, сөзсүз түрдө ийгилик болот.

## Биринчи атаандаш "Таласпы" же "Достукпу"?

Бизде "Талас" командасына утулган да, уткан да күндөрүбүз болгон. "Достук" командасы менен бир канча жолу ойнодук. Азырынча бизди ута элек. Негизи "Чемпион болгон оңой, чемпиондукту кармап туруу кыйын" деп коёт. Бүгүнкү күндө "Сары-Өзөн" күчтүү болуп турабыз. Бизге ушул бийиктикти кармап калыш аябай оор. Анткени бөлөк командалар так биздн уталы деп даярданышат. Мен биринчи атаандашыбыз "Достук" же "Талас" командасы деп айтпайм. Эгерде жакшы машыкса ар бир команданын утканга мүмкүнчүлүгү бар.

РАХАТ АКМАТОВА

# Интернет барактарындагы саамалыктар

Бул жума негизи орозонун акыркы күнү жана айт майрамына туура келгендиктен адамдар жакшылык кылганга, сооп тапканга аракет кылганы интернетте да чагылып турду. Бири-бирин куттуктагандар, андай иш кылынды, мындай иш кылынды деп жакшылыктарын жар салып, ошонусу менен бүтүндөй элди жакшылык кылууга, көңүлүн көтөрүүгө, дегеле, адамча жашаганга чакыргандар арбын. Эмесе кебибиз ошондон болсун...

## Тиллебаев жакшылык тиледи

Эсиңерде болсо тээ 90-жылдары гитара менен ырдап чыккан жана ошол жылдардагы кечелердин падышасына айланган Нурлан Тиллебаев деген ырчы бар эле. Анын айрыкча, «Эңсөө бийлеп назик сезимди», «Унутам деп эч унута албадым», «Туулган күн» жана башка оздон-оозго өтүп ырдалган ырларын эч ким унутпаса керек. Мына ошол белгилүү ырчы тууралуу жакында эле интернетте өкүнүчтүү кабар тарады. Көрсө, кайран талант гепатиттин "Б", "С» деген түрлөрүнө кабылып, төшөктө жаткан экен. Бирок, Кудайга шүгүр, кадырды билген, адамгерчиликти түшүнгөн кең пейил элибиз бар экен. Бул маалымат тарары менен таанышы деле, тааныбаганы деле чогулуп, уюшуп жардам берип, ал-акыбалын сурап, жылуу сөзүн билдирип жатышты. А бүгүн болсо жакын санаалашы, белгилүү журналист Нургазы Мусаев өзүнүн фейсбуктагы баракчасына белгилүү ырчы тууралуу төмөнкүдөй билдирүү тараткан экен:

«Орозо Айтты өтө чоң кубаныч менен баштадым. Кудайга шүгүр!

Баткендин Самаркандек айылында дарыланып жаткан Нурлан Тиллебаев чалыптыр. 15 күндөн бери күндө сүйлөшүп, Нурланды такыр түшүнбөй жаткам. «Жанында ким бар, берчи!» – деп кыйкырып жиберчү элем акыры. Жанындагысы да шашып сүйлөгөн неме болуп чыкчу дайыма. Айылдыктар ушундай го, бирдигин кетирбейин деп, шашып сүйлөшөт. Билбейм, башкаларда кандай менде ушундай. Айылга чалсам эле «Майли болуптур, единицаң кетет» деп шашып турушат. Нурландын жанындагылар да ошондой ананайын айылдыктардан экен. Телефонду өчүрүүгө шашылышат. Ошентип кайда экенин, абалы кандай болуп жатканын деле билбей, күндөн-күнгө тили булдуруктап бараткан Нурланды аяп, ичимен сыздап жүргөм.

Лейлек жакка кетти деп жазганмын. Бирок Самаркандекте экенин бүгүн өз оозунан уктум. Кадимкидей түшүндүм. Жакшы сүйлөп калыптыр! «Тажик табып бекен?» десем, «кыпкыргыз эй» деп дароо кыргыз табып дарылап жатканына сүйүнүп да, сыймыктанып да алган Нурлан.

«Силерге чоң рахмат. Ранону лагерге ойнотуп келдиңер. Бишкекке барсам өзүм нормально сыйлайм силерди» дейт. Рахматты кабат-кабат айтат. Сый тамагына эмес, сүйлөп калганына кубанып мен отурам.

Рахмат, кыргыз элинин баарына деп, салам айтты. Айт майрамы менен куттуктады. Жанында болсом дароо видеосун чыгармакмын. Жылыш бар негизгиси. Дуба кылып туруңуздар Нурлан үчүн. Калганы Алла Тааланын каалоосунда!

Майрамыңыздар менен!!!

## Балмуздак таягынан жасалган мечит

Андан кийинки жагымдуу окуяны болсо Социалдык өнүктүрүү министри Кудайберген Базарбаев жасады окшойт. Буга чейин интернет айдыңында балмуздактын таякчалары менен ар кандай келбеттеги үйлөрдү, машиналарды жасаган 12 жашар Тилек Алтымышев тууралуу маалымат тараган. Кайран бала колунан көөрү төгүлгөн уста болгону менен "ювенилдүү артрит" аттуу опурталдуу ооруга кабылып, эки буту баспай үйдө отурат экен. Анын үстүнө атасы да 2-топтогу майыптыктын кесепетин тартып келет. Натыйжада, Тилек өз колунан чыккан буюмдарын сатыкка коюп, үй-бүлөсүн баккысы келгенин билдирген. Ошондон баштап интернет бетинде анын өнөрү даңазаланып, өнөрү алкышка алынып турган. А кечээ министр Кудайберген Базарбаев өзү Тилектен кабар алып, анын колунан чыккан мечиттин үлгүсүн 100 долларга сатып алганы фейсбукка тарады. Бул да болсо көңүл кубантарлык жакшы көрүнүш эмеспи. Кудай кут кылсын, ушундай соопкерчилик кылгандарды. Кимдир бирөөгө кол чатыр карматып коюп чокчоюп туруп алчуларга караганда ушунтип улук башын кичик кылып турганы керемет эмеспи.





## Жеңиш аянты толо эл

Айт, айт демекчи быйылкы айт намаз мурункудай эски аянтта болбой, жеңиш аянтына жылдырылды. Себеби эски аянтта оңдоп-түзөө иштери жүрүп жаткан. Натыйжада, миңдеген кишилер жаанга карабай келип, мойнундагы парзын аткарып кайтышты.

Намазга Кыргыз Республикасынын өкмөт башчысы Сооронбай Жээнбеков, Бишкек шаарынын мэри Албек Ибраимовдор да катышты. Ал эми президентибиз Алмазбек Атамбаев бул жолу да өз айылы, Арашанга барып озуйпасын аткарып, мекендештерин куттуктап, айылдаштары менен майрамдап кайтты.



## Тагдырга таймаша

Мындан сырткары, фейсбук бетин кайра-кайра ээлеп, көпчүлүктүн көңүлүн бурган окуя президентибиз Алмазбек Атамбаевдин өзү чыгарып, өзү аткарган ыры болду. Бул ырын мамлекет башчыбыз гитаранын коштоосунда «Тагдырга таймаша» деп атап (Судьбе назло) орусча созду. Анын айтуусу боюнча ырды тээ илгери эле чыгарып, өзү ырдап жүрчү экен.

Ушуга улай эле Атамбаевдин акыркы убакта таскагы катуу чыгып келаткан кызы Алия Шагиева интернет баракчасына атасына ыраазычылыгын билдирип, өзү даярдаган кооз баракчасын жарыялады.

– Атам үчүн куттуктоо баракчасын тарттым. Ичинде эмнелер жазылганын жарыя кыла албайм. Анткени жүрөктөн чыккан сезимдер жарыя кылынбайт. Атамдын гитара менен коштолгон ырын сүйөм, сүйөм, сүйөм жана куттуктайм. Анын жан дүйнө иштери менен шугулданып, жарпын жазган, жылмаюу тартуулаган, өмүргө өмүр кошкон иш жасаганын көрүп өзүмчө бактылуумун. Мен дайыма аны чыгармачыл адам катары билем. Анткени ал жаштайынан обон чыгарып, ыр жазып, кээде сүрөт да тартып калчу. Ооба сүрөт да тартчу, тартканда да көп чыгарма жаратчу. Жакында эле анын альбомун барактадым. Тууpа мендей куракта тартыптыр. Көркөм өнөргө болгон шыгым атамдан жугушту деп ойлойм. Рахмат. Атам жөнүндө айтылган кептерге көп көңүл бурбайм, саясатты да такыр түшүнбөйм. Чоочун адамдарга караганда мен анын жан дүйнөсүн жакшы билем. Анын көз карашын, бош убактарында эмне ойлоорун, ал тургай түн уйкусун бөлүп ой басып отургандагы кебете-кешпирин да билем. Жана эч бир жандын эч бир сөзү атамдын мыкты адам экенин шектентпейт. Кучагыма кысам, ата! – деп жазды ал баракчасына улай.

## Эл эмне дейттин аркы бети

Эң акырында фейсбукка чыккан мотиваторлордон бир шиңгил:

Капаска 4 маймыл салышат да, ортолоруна бийик стол жайгаштырып үстүнө банан коюшат. Албетте, маймыл деген маймыл. Дароо бирөө туруп бананды карай жөнөйт. Бирок, ошол замат калган маймылдардын үстүнө муздак суу куюлуп, чыркырата баштайт. Ошентип, кайсы маймыл бананга кол сунбасын берки маймылдарга муздак суу куюлуп, тынчтыгы бузулат. Натыйжада, маймылдардын кимиси бананды карай жылбасын калгандары нааразычылык билдирип, кыжырланып киришет. Ошону менен төртөө тең бананды карабай отуруп калышат. Жыйынтык ушуга келгенден кийин көзөмөлдөөчүлөр капастагы бир маймылды чыгарып ордуна жаңы маймыл коюшат. Албетте, жаңы маймыл бул жердеги тартипти билбегендиктен бананга жөнөйт. Бирок, аны калган үч маймылдын чырылдап-чыркырап нааразы болгону токтотот. Ошентип ал да тартипке көнөт. Андан кийин көзөмөлдөөчүлөр дагы бир маймылды алмаштырат.

Бул маймыл да келээри менен бананга жөнөйт. Бирок, бир аз эле мурун келген маймыл баш болуп, мурунку эки маймыл төш болуп баары кайра кыйкырып чыгат. Натыйжада, бул маймыл да тартипке көнөт. Андан кийин көзөмөлчүлөр катары менен калган эки маймылды да кетирип, ордуна жаңыларды киргизет. Эми бул жерде баштагы бирөө бананга жөнөсө эле баштарынан ылдый суу куюлган төрт маймылдын бирөө да калбайт. Бүт баары алмашылган жаңы маймылдар. Эч кимисине жанагыдай кордук көрсөтүлгөн эмес. Бирок, таң калычтуусу, баары тең баягы тартипке көнгөн. Бирөө эле бананга жакындаса калганы чыркырап-чыңырып тура калышат.

Мына, эл ичиндеги «мурункулар деле ушундай кылышкан», «бул бабалардан калган иш» деген түшүнүктөрдүн жандуу мисалы. Кээде эмнени эмне үчүн жасап, эмнеге жасабай атканыбызды билип-билбей кимдир бирөөнү тыйып, кандайдыр бир нерселерге чей коё беребиз. Бирок, кайсы бирбиз чек койгон нерселердин убагы эчак өтүп, эрежеси иштебей калганын да унутуп калабыз...

# Майрамдар балдар үчүн шаң

Эсиңиздерде болсо СССР убагында жаңы жыл, биринчи май майрамдары өзгөчө балдар үчүн шаңдуу өтөр эле. Айрыкча, жаңы жыл үчүн бир ай мурун даярданып, оюн-зооктор, салтанаттуу кечелер уюштурулчу. Ар бир балага белектер камдалып, качантан берки эңсеген тилектерин орундатканга шашылышчу. Андан сырткары, маска тагынмай, көчөгө от жагылмай, жаркылдаган фейерверктер атылмай башталчу. Үйлөрдө болсо биринен-бири өткөн балатылар тигилип, дасторкондор таттуу-тарапага толчу. Эми элестетип көрсөңүз, мунун баары эмнеге жана ким үчүн кылынчу дейсиз? Таттуулар, балатылар, фейерверктер, ар кайсы жаныбардын элесин берген маскалар чоңдор үчүн, аталар, агалар үчүн кызыктуу беле? Жок. Мунун баары союздун балдары үчүн жасалчу. Эң биринчи балдарга маани берилчү. Жаштайынан жаңы жылды сүйүп, жаңы жылдын сыйкырына арбалып калган ошол балдар кийин картайып, тиши түшүп калса да, жаңы жыл дегенде ак эткенден так этип, көзү балбылдап турары эч кимге жашыруун эмес. Жаңы жылды так ошондой майрамдап, ырахатына баткан адамдар азыр ошол өздөрү таткан дагы, өздөрү татпай калган дагы ырахатты балдарына тартуулагысы келип, азыркыга чейин балаты тигип, фейерверк атырып келетат. Аларга фейерверктин зыяндуу экенин, жаңы жылда үй-бүлөнүн акчасы курулай эле сапырылып атканын, биздин элге керексиз, биздин динде, биздин каада-салтта жок экенин айтып да, көргөзүп да токтото албайсың. Себеби, алар бул майрамды бала кезинен сүйүп калышкан. Бала кезиндеги эң таттуу күндөрү, эң сонун белектери ошол күнү берилген. Анан кантип бир заматта унутуп койсун?

## Майрамдын ордуна майрам

А мурункулар кандай кылды эле? Пайгамбарыбыз убагында Меккеден чыгып, Мадина шаарына келген жылдары мадиналыктарда мурунку бутпарастарга таандык эки майрам болгон экен. Бирок ааламда жок Көсөм ал майрамдарды жөн гана тыйып койгон эмес. Ал ошол эки майрамдын ордуна Орозо айт жана Курман айт деген эки майрамды сунуш кылган. Ошентип мурунку майрамдар унутулуп, мусулмандардын майрамы майрамдала баштаган дешет.

Мына чыныгы көсөмдүн кылган иши. Кечээ кайсы бир той алпаруучусу менен сүйлөшүп отурсак да ушуга жакын кеп айтты. «Азыр ичимдиксиз тойлор көбөйдү» дейт ал. Көрсө, тойлордогу ичимдиктин азайышына адамдар арактын зыяндуулугун билгени эмес, арактын арам экенин түйганы да эмес, жөн гана арактын ордун баса турган нерселер табылганы себеп болуп жатыптыр. Мурда адамдар тойлордо улам кезектеше сөз алып куттуктоо айтып, артынан ырдап же бийлеп жүрүшкөн экен. А ошончо эл алдында ырдап-бийлөө жөнөкөй адамга оңой эмес да. Натыйжада, алар тартынбаш үчүн, эрдик үчүн жүздөн бастырып алышчу тура. А ичке бир кылтыйып алган арам суу артынан экинчисин чакырып кирбей жатмак беле? Ошентип той-торопо алгач шаңга, анан чаңга толуп жатып калчу. Тойдун көркү ошол дегени да ошол шаң менен чаңдан улам калган тура. А кийин эмне болду? Тамадалар элге кезеги менен сөз берип, убакты менен батасын бердирип жатат. Ырдай албагандар үчүн ырдаган, бийлей албагандар үчүн бийлеген ырчы-бийчилер чыкты. А келгендер болсо кадыр-баркын кетирбей тыпыйып отурат, акырын чыгып белегин берет, тандалып чыгып каалоосун айтат да, жечүсүн жеп, ичүүсүн ичип тарап кетишет. Мына ошону менен молдолор какшанып жүрүп, дарыгер менен милиция кубалап жүрүп токтотпогонду ырчылар менен тамадалар басты да койду. Бул чынында, бүгүнкү жеңиш. Тамада менен ырчы-чоорчуга каршы болгондор эртең алардын ордун да баса турган нерсе таап алсын, бажалыста.







Эми мунун баарын эмнеге айтып жатат дээрсиз. Кептин ток этер жери ушул жерде. Мына, бүгүнкү күнү кыш келип жаңы жыл болордо эле эл ичинде талаш-тартыш башталат. «Жаңы жыл биздин майрам эмес дейт» бир даары. Экинчи жагы болсо бала-чакасын, тууган-уругун кыя албай айласы кетип, шайы оойт. Майрамдабайын дейт, балдары турат томсоруп. Үй-бүлөсү турат жылтырап. Телевизордо жыргап атышат. Акыры чыдабай кетип адалдап майрамдамыш болот, же бүтүндөй үй-бүлөсүнө жаман көрүнүп көшөрүп отуруп берет. Чыныгы күрөш деген ошо күнү болот эл ичинде. А айт күнү карасаң эптеп таза кийинип намазга барат. Эптеп аялына боорсок жасатат, күрүч бастырат, ашып кетсе кой соёт. Анан айттаган болот. Анан айттаткан болот. Анан бүттү. Адаттагы кеч кирет да адаттагы төшөгүнө сулайт. А балдары майрам болдубу, болбодубу байкаган да жок. Анын самагасы жаңы жыл. Чыныгы майрам ошол. А айт дегениң адаттагы чоңдордун чай ичмейи...

Болбосо эмне кылыш керек эле? Пайгамбарыбыздын сүннөтүн ушул жерден кылсак болбойт беле? Пайдасыз майрамды пайдалуу майрамга айлантып кутулсак болбойт беле? Велосипедди кайра ойлоп табыштын кереги жок дейт го акылмандар. Анын сыңары, 100 жыл мурун жок майрамды унутулгус салтанатка айлантып таштаган СССРдин ыкмасын туурасак болбойт беле? Жаңы жылды шаңдантып мектептен баштап, үйлөргө чейин майрам кылып таштагандай, жок дегенде мечиттерде, медреселерде, коомдук жайларда, үй-үйлөрдө балдар үчүн майрамдарды уюштуруп, алардын таза жүрөгүнө чыныгы майрам ушул дегенди бекем жайгаштырып койсок болбойт беле? «Эмки айт качан келет» деп ак эткенден так эткидей кылсак болбойт беле? Эмне ушу айтты өткөргөнгө жаңы жылда кетиргенчелик акча сарптасак болбойбу?


## Айтты эмгиче жакшы көрөм

Чынында, менин балалыгым ошол 90-жылдардагы каатчылык маалга дал келип калды. Бир чети ошонусу да жакшы болгон экен. Көп нерсени көрдүк, көп нерсени билдик. Нан тартыш болорун, таттуу талаш болорун билдик аз да болсо. Нан тартыш, таттуу тартыш болгон соң майрамдар да азайды. Анын үстүнө атам да майрам-сайранга көп кызыкпаган киши эле. Кыскасы, жаңы жыл дегенди менден мурунку эжелерим, байкелерим жыргап майрамдаганы элес-булас эсимде болгону менен, өзүм эс тартканы көрбөй деле калдым. Ал күндөрү анча-мынча көчөдө тарсылдак жарганыбыз менен кыйраткан деле эч нерсе болчу эмес. Ал тургай свет да өчүп калчу. Бирок эң кызыгы, орозо айт менен курман айтта болор эле. Оо, ал жылдары боорсок болсо да, сары май менен каймак болсо да, дасторкондорго коюлуп, кирген кишиге чоң кичине дебей чай куюлуп турчу. Анан калса, биз бүтүндөй классташтарыбыз чогулуп алып ар бир үйгө кирип кыдырып майрамдачубуз. Башка майрамда ошентип топурап кирип көр эр болсоң. Шыйракка чаап кубалап чыгар. А айт күнү анте алышчу эмес. Тим эле чоң кишидей кирип барып чай ичип, боорсок жеп кайтчубуз. Ошол эле жетчү бизге. Чогуубуз менен көңүлдүү айттап, ар бир үйдөн ар кандай боорсок жеп, ар кандай чай ичип, баланчанын үйүндө чайды шекер менен берет деп кубанып жүргөн күндөр эсимде калды. Ошондон улам мен жаңы жылга караганда айттарды жакшы көрчүмүн. Айттарды күтчүмүн. Көрсө, майрам деген так ошол бала кезде калыптанат тура.

Бирок, муну биз түйбай келебиз. Бүгүн биздин үйгө эки жолу жаш балдар айттап келишти. Биринчисин өзүм да түшүнбөй калдым. Дагы жарамазан айтып келишкен го, орозо бүткөнүн билбейби эмне деп кубалагым келди. Бирок, бала эмеспи деп дасторкондо турган 2-3 конфетти берип узаттым. Анан түнгө маал дагы 3 бала келди. Ошондо өзүмдүн да айттап жүргөн күндөрүмдү эстеп үйгө киргизип чай-пай бердик. Колдоруна бирден «Баластан» журналын карматып, бир аздан тыйын бердим. Бала деген эмне, гүл да чиркин. Аны ыраазы кылыш иттен оңой эмеспи. Ага караганда чоңураак адам келсе, тим эле ыйманы бекем молдоке болсо да ыраазы кыла албай шайым кетмек. Себеби ал баары бир баладай таза эмес да. А балдар кудуңдап сүйүнүп калышты. «Канча үйгө кирдиңер?» десем «Сизден башка эч ким киргизген жок. Ал тургай кээ бир эжелер кубалады» дейт. Анан ушунтип айт күнү кубаланган балага кийин «жаңы жылда майрам эмес, айт майрам» дегени түшүндүрүп көргүлө эр болсоңор. Сыртынан макул болуп, акылы жетип тургачы менен баары бир жаңы жылды эңсеп, «Чубак ажы качан жаңы жылды майрамдай бергиле дейт» деп турушпайт бекен.

Атаганат, жок дегенде жарамазанда балдардын көңүлүн алып, жыл сайын рамазан айынын келишин күтүп, чоңойгудай кыла алсак гана! Калп эле башында «Кош келдиң рамазан» деп сүйүнүмүш болуп, аягында «Кайда кеттиң рамазан» деп өкүнүмүш болбой, жок дегенде балдарга рамазанды сүйдүрүп койсок, кийин ошолор чындап күтүп, чындап сагынып турат беле, чиркин. Же рамазан ачкалыктын айы, айт чоңдордун чайы, чыныгы майрам жаңы жыл деп кала беришеби? Минте берсек, өлөр-өлгүчө жаңы жылда чатак чыгарып, жек көрүнүп жүрө беришибиз да мүмкүн. Же калп айтамбы, бурадар?..

# Келечекке балта чаппайлы



## Балдарыбыз кесибин кокустан тандайт

Учурубузда мектеп бүтүрүүчүлөрү аттестаттарын колуна алып, жалпы тестирлөөдөн өтүп, 11 жылкы өмүрүнүн натыйжасы менен жогоку окуу жайга кирип, келечеке карай кадам таштоо босогосунда турат. Кесип тандоо маселесине келгенде көп студенттер экинчи-үчүнчү курска барганда, же андан да өкүнүчтүүсү, окуусун бүтүп дипломун алгандан кийин кандай кесипке ээ болгонун, коомдо ал кесиптин орду кандай экенин айырмалай башташат. Бул өтө кеч болуп калган учур. Өзүнө жана келечегине ушунчалык кайдыгер экенин көрүп, көпчүлүк жаштарыбыз өз кесибин кокустан эле тандап алганбы деген ойго келесиң.

## Кесип тандоо кесипкөйгө берилсе

Бардык тараптан өсүп-өнүккөн, дүйнөдө лидер болгон коомдордо кесип тандоого жардам берүү, алдын-ала багыт көргөзүү кызматтары бар. Бүтүрүүчүлөр жөндөмүнө жараша кандай кесип тандаса болот, андан кандай кесипке жана натыйжага жете алат деген суроолорго мектеп, ата-эне жана бүтүрүүчү бирге жооп издейт. Өнүккөн өлкөлөрдүн мектептеринде бул боюнча атайын жумуш орундары каралган. Бизде мындай жоопкерчиликтүү иш бул тармакта адистиги болбогон класс жетекчиге, ата-энеге, же болбосо жоро-жолдошко оодарылып калган.

## Гуманитарийлер жумушсуз калууда

Кыргызстанда акыркы жылдарда кесип тандоо иши рационалдуу, керектүү тарапка бурулгансыды. Бирок толугу менен туура нукка түшүп кетти деш али эрте. Гуманитардык илимге жакын эл аралык мамилелер, саясат таануу, юриспруденцияга окшогон кесиптер дагы эле эң көп тандалып жатат. Чындап келгенде, мисалы, "эл аралык мамилелер" деген кесип жок. Бирок аталышына карап эле ошого окугусу келгендер көп. Мындан эл аралык мамилелер же юриспруденциянын кереги жок деген ойго келбеш керек. Аларга тиешелүү илимдер дүйнөлүк деңгээлде берилсе, студенттер татыктуу түрдө окуса, албетте, жакшы. Бирок өлкөдөгү жумушсуздардын көбү колунда жогорудагыдай гуманитардык кесиптер боюнча дипломму бар жаштар. Демек дипломго ээ болуу – келечекте пайдалуу кесипке ээ болуу дегендик эмес. Диплом жумушту болууга, коомдо ордун табууга, өмүрүндө ыраатуу жашоого кепил болуп бере албай калды.

## Дүйнөгө багытталган кесип тандоо керек

Азыр дүйнө ушунчалык тез өзгөрүп жатат. Кээ бир чакан өлкөлөр кыска мөөнөттө эң алдыңкы мамлекеттердин деңгээлине жетип калууда. Кесип тандап жаткан учурда эч качан локалдуу, бир аймакка гана чектелген чындыктарга таянбаш керек. Жергиликтүү чындыктарды эске алуу менен бирге глобалдуу талаптарга жооп бере турган кесиптерди тандаш керек. Ошондо жумушсуздук азайып, тыңыраак нан таап жей турган жумуштарды табууга мүмкүнчүлүк болуп, жаштарыбыз келечекке ишенимдүү кадам таштаган болот. Топчуну башынан туура эмес топчулап алып, кийин "Эмнеге көйнөгүм кыйшык", "Эмнеге жумушум жок", "Эмнеге жетишсиз турмушта жашайм", "Эмнеге ушундай диплом менен көчөдө жүрөм деген" суроолор көкүрөктү өйүй берет.

## Маалыматты сатуу - маанилүү

Иштин башындагы кетирилген ката, тактап айтканда, кесип тандоодогу мүчүлүштүктөр жаш муундун бүт өмүрүн тобокелчиликке салууга себеп болуп калат. Азыр тез өзгөргөн, тез жаңыланган доордо жашап жатабыз. Бул доорду жарыша "маалымат доору" дегенибиз менен ага жеткиликтүү маани бербей келебиз. Бул доор маалыматты ирээттеп, аны элге товар катары сунган доор. Маалымат коомдун жана адамдын эң чоң капиталы болгон учур. Аны өз коомуна конкреттүү товар катары суна алган мамлекет жана элдерге карап багыт алыш керек. Кабарды же маалыматты азыр ар бир адам интернеттеги коомдук тармактарга коё алат. Бирок аны алып, анализдеп, керектөөчүгө даяр продукт кылып бергендер аз.

## Кесип эмес жөндөм керек

Бир-эки жылдан бери Давоско окшогон дүйнөлүк самиттерде өнүккөн өлкөлөрдөгү изилдөөлөр жарыяланды. Быйылкы Давосто "Ийгиликтүү ишкер кандай жөндөмдөргө ээ болуш керек" деген суроолорго бир канча өлкөнүн алдыңкы изилдөө институттары жооп издешти. Изилдөөнүн баары кесип тандаган жаштарды туура, келечекте керектүү сыпаттарга жана жөндөмдөргө багыттоо үчүн кылынган. Жаштарыбызды багыттоодо "Тигил же бул кесипти танда" деп айтсак болот. Бирок азыр "Кайсыл жөндөмдөрдү өнүктүрүү керек, же кайсы кесиптер учурга ылайык жөндөмдөрдү калыптандырат" деген суроолорго жооп издесек, учурдун талабына ылайык болот.

## Эң керектүү жети жөндөм

Жыйырма биринчи кылымдын ийгиликтүү ишкерлери болуш үчүн жаштарга төмөндөгү жети жөндөм өтө керек:

**1.** Лидерлик. Керт башым менен жооп берем деп бир ишти алдыга жылдыруу. Бир топ менен, жамаат менен иштей билүү. Башкаруу системасынан кабардар болуп, андагы орду эмне экенин билип, алдыга коюлган ишти аягына чыгара билүү.

**2.** Ар тараптуулук. Бир эле жөндөмгө, же бир тараптуу эле билимге ээ болуу жетиштүү эмес. Азыркы учурда так илимден кабардар болгон адам гуманитардык илимдерден да кабары болуш керек. Гуманитарийлер техникалык илимдерден кабардар болушу зарыл.

**3.** Тез адаптация болуу. Бул кыскача айтканда, жаңы технологияга тез көнүү жөндөмү. Эксперттердин айтуусу боюнча, бүтүрүүчү канчалык күчтүү болсо да, дипломунун эки эле жылдык өмүрү бар. Демек, төрт жыл бою алган дипломуң өзүңдү эки жыл сугарганга эле жетет. Андан кийин ал күчүн жоготот. Биз дүйнөлүк атуулдукту талап кылган, бир орунда иштөө деген түшүнүк жоголуп бара жаткан доордо жашап жатабыз. Мисалы, жумушуң Америкада, өзүң Кыргызстанда жашашың мүмкүн. Же болбосо, өзүң Индияда, жумушуң Италияда болуп калат. Келечекте кайда болсоң да өз жөндөмүңө жараша жумушка ээ болуу мүмкүнчүлүгүң бар. Ал үчүн сөзсүз глобалдуу тилдерди жана заманбап техниканы билишиң керек. Кайсыл кесиптин ээси болбогун эч болбоду дегенде англисчеден, компьютердик программадан жакшы кабардар бол. Келечекке көз жүгүртө билгендер 2020-жылдан баштап азыркы салттуу жумуштун алтымыш пайызын роботтор аткарып калат деп божомолдоп жатышат. Демек, качан башталса да, акыры роботтордун доору башталарына даяр болуш керек.

**4.** Сынчыл ой жүгүртүү. Бир окумуштуудан "Кайсыл сабакты эң керектүү сабак катары тандайт элеңиз?" деп сурашса, ал "Сынчыл ой жүгүртүү сабагын киргизмекмин. Анткени бул сабакты өздөштүргөн адам керектүү маалыматты алып, керексизин таштаган жөндөмгө ээ болмок" деп жооп берген.

**5.** Коммуникабелдүүлүк. Коом менен байланышып, мамиле түзө билүү жөндөмү. Себеби элдин баары интернеттеги коомдук тармактарга, деги эле компьютерге байланып калып, бетме-бет баарлашууга керектүү сапаттардан ажырап баратат. Технология катуу өнүккөн өлкөлөргө барсаң, адамдар сүйлөгөнгө муктаж. Бир канча күндөн бери сүйлөй элек адамды кездештирсе болот. Сүйлөшүү болсо адамга Жараткан тарабынан берилген эң маанилүү, ал тургай адамды айбандардан айырмалаган негизги өзгөчөлүк.

**6.** Натыйжалуулук. Идеяны айтып гана тим болбой, аны ишке ашырып, сатылуучу өндүрүмгө айлантуу да эң керектүү сапаттардын бири.

**7.** Анализдөө жана синтездөө. Туш тараптан келген маалыматтарды ажыратып, аларды жаңыча курап чыгуу да маанилүү. Жаңылыктар көп. Бирок алардын ичинен керектүүсүн тандай алчу өзгөчөлүктөрдү өркүндөткөн кесиптер маанилүү. Ошондуктан жаштарыбыз математика, информация жана инженердик кесиптерге ээ болууга аракеттенүүсү улут үчүн өтө зарыл. Химия менен биология да келечектин кесиптери деп айтылууда.

## Акыры...

Жаңы муун кесибин өз эрки менен тандап алуу мүмкүндүгүнө ээ болсо жакшы. Кесипти мода сымал тандаган түшүнүктөн кайтышыбыз керек. Ата-энелер кесип тандоодо балага көп кысым жасап коёт. "Контрактка ушуну эле төлөй алам, ошон үчүн ушуга оку", "Баланчанын баласы деле ушуну окуп, иштеп жүрөт", "Мен деле ушул кесипти тандап, ушундай болдум" деген сыяктуу мода сөздөрдү айтып, өз пикирин таңуулаганы туура эмес. Өзүнө жакпаган, таңууланган багыт көргөзүү менен баланын өмүрүнө балта чапкан болобуз. Ошондуктан кесип тандоодо кеңешке да чоң маани бериш керек. Өнүккөн өлкөлөрдө адамды диплом эмес, өздөштүрүлгөн жөндөм, маалымат, билим алдыга чыгарып жатат. Бардык маселени дипломго таап койсо алар мынча өнүкбөйт эле.

"Алтын муун" тобунун материалын даярдаган ЖЫЛДЫЗБЕК КУБАНЫЧБЕК

MAGNAT ТАКСИ
1496
0772 89 55 77
Жарыя! Жарыя!
Шашылганда шап келет
Тел.: 0772 89 55 77
0553 89 55 77
0703 89 55 77
БАШТАЛЫШЫ 40 сом
10 сом
АР БИР ЧАКЫРЫМГА
Менчик унаасы менен тажрыйбалуу айдоочуларды да кызматташууга чакырабыз!


# УЗАК ЖОЛ



**Тарыхий роман**
**Автор:** Мукай Элебаев

***(уландысы)***

Василийдин мурду коңкойгон, узун бойлуу көк көз катыны, үйгө кирип келген сары баш жөжөлөрдү чыйпылдатып, «киш-киштеп» айдап салды да, мештен бир кара чөөгүндү суурул чыгып, бизге шорпо куюп келди. Үч-төрт жумуртка, эки кескен нан койду.

Тамак ичип олтуруп, Элебес тигилер менен анда-санда бирдеме деп сүйлөшкөн болуп коёт. Василий өзү кыргызчага тантыр-мунтур. Мунун бойго жеткен бир сулуу кызы бар. Бул үйдө кыргызчаны таза сүйлөгөн ушул.

Тамактан кийин Элебес аярдабай аттанып кетти. Чет жерде туткунга түшкөн адамдай бирөөнүн көзүнө карап мусаапыр болуп, мен калдым. Жатаарда катыны мага бир таарды колтуктатып, өзү менден боюн обочо алып, сокур кишини жетелегендей оозгу үйүнө жетелеп алып келди да:

— Ушундай жат,— деп бурчту көрсөтүп, кетип калды. Көрсөткөн жерине таарды жая салып, үстүмө тонумду жамынып жатып алдым. Жымжырттык баскан момураган жумшак түн. Менин маңдайымда, чабыранын ичинде үрпөйүп бирток жатат. Мынабу мештин түбүндө мойнун куркуйтуп жаңыдан чөгүп жаткан каз болсо керек. Ошол арада, караңгыда көрүнбөй «мыяулап» дагы бир мышык жүрөт.

Бир аздан кийин ай көтөрүлдү. Терезеден тийген айдын шооласы үйдүн ичин жаркыратып жиберди. Тыш тыптынч, үйдүн жанында, жайдак короодогу уйлар эбак жуушап калган. Бери четте аркы буттарын ирээтсиз керип жиберип, эринип, дардайган бир күрөң уй жатат. Ушул кезде дүйнөдө шырт эткен шыбыш өчүп, Василийдин деңиздеги аралдай жалгыз үйү толкунсуз көлдө токтогон кемедей каалгып, мемиреп турду.

Эртең менен уктап жатсам бир кезде Василий мени түртүп ойготту да, уйкулуу көзүм менен жетелеп алган бойдон кетти. «Кайда алып барар экен?» деп жетелеген жагына кетип барам. Ээрчитип отуруп, үй артындагы арыктын боюна алып барып, агып жаткан сууну колу менен жаңсап көрсөттү да, мени таштап коюп кайра кетти. Анын оюна эми түшүндүм. Мунусу бетиңди жуу дегени окшойт. Анын артынан: «менин эмнемден жийиркенди болду» деп бир ойлоп алдым. Эртең мененки жаңы салкын сууга жуунуп, кир көйнөгүмдүн этеги менен будалап сүрткөн болдум да короону тегеренип кайра бастым. Катыны уйду саап коюп, үйүнө кетип баратып, мени көрүп чала бурула калды да:

— Айда, тамак ашасенчи,— деди.

Кечээкидей жерге отургузуп тамак берди. Тамактан кийин тышка чыгып баратсам Василий эшиктин алдынан колуман кармап токтотуп алды да, уйларды кайда кайтарууну түшүндүрдү. Бир топ уккандан кийин мен:

— Билем,— деп башымды ийкедим.

Асман кирсиз ачык. Күн бүгүн кандай көңүлдүү тийген! Отузга жакын уйду алдыма салып алып, Түп суусун бойлоп төмөн карай кирип кеттим. Жалгызмын. Көңүлсүз, киши эриге турган. Эки жагыма караймын. Бирок, мага көрүнгөндүн баары алыста. Тээ береки мунарыктаган, алда кайда бир түздө өгүздөрүн өңкүлдөтүп ары-бери чапкылап ойноп эки койчу жүрөт. Койлорун ийрип, жуушатып салыптыр. Андан ылдый, сай боюнда көп уйду камап таштап эки киши отурат. Тиги бирөө сайдан чыгып бараткан уйларды таш ыргытып, кайра тосуп салды. Кандай ырыстуу немелер деп ойлоп коём. Бирок барыш мүмкүн эмес, алыс. Чоң суунун аркы өйүзүндө. Жана күкүк болуп, суу кирип жаткан.

Көп болду. Уйлар токтобойт. Күн ысыганда ого бетер тынчы кетип, куйругун шыйпанып, чычаңдап сайгактай баштады. Ошол арада мен бар уйду жыйнап айдап келип көгөргөн бир иримге туюктап камап салдым да, өзүм бир жагынан тосуп туруп алдым. Ошого да болбой өлөт алгыр бир кызыл уй чычандап, мөңкүп барып токтой калып, куйругун шыйпанып, тумшугу менен арткы бутун бир жыттап алып, туруп-туруп, топ-топ бөлүнүп, өкүрөңдөп алып жүрүп бербеспи! Аңгыча болбой бар уй чакчелекей түшүп, кызыл уйдун артынан жана бир тобу сырактап жөнөп берди. Жоо тийгендей чачылган уйлардын кайсы бирин тосорумду билбей туруп калдым.

Эртең менен короодон чыгып баратканымда кожоюнум:

—Бал челекке жибербе, ато жиберсе...— деп сөөмөйүн көрсөтүп калган. Ошол эсиме түштү. Айткандай, кара ниет кызыл уй түз эле ошол төштүн түбүндөгү балчелекти көздөй салды. Башкаларын унутуп коюп мен да жалгыз ошонун артынан түштүм. Ал куйругун чычайтып көтөрүп алып өңкүлдөп кетип барат, мен артынан калбай безилдеп кууп барам.

Балчелектин тегереги кеминде кырк теше келген чөп чабыш. Мунун бир чети тоого такалат да, экинчи чети Василийдин үйү. Чөбүнүн калыңдыгы атчан киши кирип кетсе бойлогус. Кызыл уй такырдан өтүп, ушу жерге жакындап калган. Бара түшүп белден келген чөпкө кылкылдап кирип кетти. Мен кызуу менен жүгүрө берип, балчелекке кандай жеткенимди да билбей калыпмын. Күн ысып, аарылар ызылдап чыгып жаткан кези экен. Бир кезде сол көзүм тыз эте түштү. Жанталашып чапкылаганча болбой, ачышкан немедей жана бир тобу ызылдап келип талап жиберди. Аары чаккан көзүм бир заматта бултуюп шишип чыкты. Уйга ушул жерден араң жеттим. Бир абийири балчелектер аман калды. Оозумдан кара суу келип, жүрөгүм аттай дүкүлдөп, кыйындык менен дем алып күйүгүп кеттим.

Кызыл уйду кайра тосуп келе жатсам артынан жандай бир тобу күшүлдөп жетип калыптыр. Кошуп айдап алдым. Калганы ой-тоого чилдей тарап кетиптир. Экөөнөн башкасын ар кайдан терип жүрүп, зорго жыйнадым.

Василийдикинде эки айга жакын жүрүп калдым. Бирок, кийинчерээк өзүм калжырап, жүдөп кеттим. Тынчтык жок, кечинде үйгө келгенде да катыны тындырбай көржерге жумшай берет. Үстүмдөн тамтык жок. Эзелтен жуулуп көрбөгөн адырайган тегирич шымым дал-дал бөлүнүп, кири муздай колдоюп, такымымды кызартып, өйкөп жүрөт. Боз көйнөгүмдүн этек-жеңдери бөлүнүп, туш-тушка самсаалап кеткенинен, кай бир мүмкүн болгон айрыктардын учун бири-бирине түйүштүрүп алгамын. Ошентсе да өзгөрүп кеткен жери жок. Ушул абалымды атасына жеткирээр бекен деген ой менен Василийдин баласын бир күнү ээн алып отуруп айтканым да бар.

— Ушундай жүрүп кантип чыдаймын? Эгер эски-ускуңардан кайрылышпасаңар мен кетем,—дегем.

Мунун жообун бир күнү тамак ичип отурган кезде алдым. Тамак ортолоп калган кезде, Василий шорпо ичип жаткан кашыгын коё коюп, мурутун бир сылап алды да, обочо жерде тамак ичип отурган мага бурулуп:

— Ала турган акчаңа сенин өзүңө кийим алып берейинби? —деди.

Мен аз ойлонгонсуп калып:

— Анда болбойт го,— дедим.

— Неге? — деди балпаңдап чайнап жатып токтой калып. Катыны да менин жообумду күткөндөй тыңшай калды.

Анда кайта мага жаман болот го,— дедим мен шорпо ичип жаткан кашыгымды жерге коюп жатып. Мындан кийин алар мени таштап коюп өздөрүнчө, кобурашып кетти. «Айтор эмнеси болсо дагы мен тууралуу сүйлөп жаткан чыгарсыңар» деп ойлоп отурам. Бир топтон кийин мен жакка жана бурулуп:

— Анан Элебес эмнеге сага кийим бербейт? Биз кийимге сүйлөшкөн эмеспиз. Макул десең ала турган акчаңа кийим алып берем...— дегендей болду.

— Элебесте жок эмеспи,— дедим да, бир аз ойлоно түшүп артынан: — Эски-уску кийим кайрылышам деген убада болбоду беле? — дедим.

Мен тууралуу сөз ушуну менен бүттү да, алар өздөрүнчө кетти. Эмненики экенин билбейм, ушул мүнөттө кызы эзиле бышкан бир кесим этти алдыма коюп кетти. Мындан мурун бирөөлөр: «Орус сойгон эт арам болот, ал чокунуп мууздайт, жешке макүрөө» дегенин уккамын. Эт алдыма келгенде бул сөз эсимде болсо да шек урбай жеп алдым.

Бир күнү уйларды короодон айдап чыгып баратып, күтпөгөн бир окуяга туш болдум. Кожоюндарым үйдө тамактанып отурган. Мен уйларды короодон жаңы эле айдап чыгып бараткам. Оошондо кайдан-жайдан жеткенин билбейм, бир кезде асмандан далпайган бир жору тик ылдый шорголоп түштү да мен кыйкырып жеткиче болбой, мындай узап, жайылып бара жаткан каздын бир баласын лып этип илип алып, шып этип атып чыгып кетти. Мен өксүп калып, өйдө көтөрүлүп бараткан жоруга оозумду ачып, аңырайып калыпмын. Терезеден көрүп калышкан белем, Василийдин ачуулуу катыны декилдеп жүгүрүп келди да:

— Немне карабайсың? — деп менин бетимди аткып алчудай болуп, көзүн акшыйтып, алдыма какыйып тура калды.

— Жетпей калдым,— деп колум менен ишаарат кылып, жүгүргөн жеримдин аралыгын көрсөттүм.

Ачуулуу неме эле:

— Ах ты, чорт — деп келип кулагымдан бурдап алып тартып-тартып жиберди. Колунан бир сапар бошой түшкөндөй болдум эле, кайтып жана жетип желкемден муунтуп кармап алып дагы бир топ шылып жиберди. Он жашар баласы Петке мени жакшы көрүүчү. Ал өз тили менен:

— Эне, урбачы,— деп мени аяп турат. Бизди көрүп, дагы бир кызы, сары чачын сексеңдетип жүгүрүп келди. Терезеден бирөө карап турат.

Андан башка менден алары да жок. Чатактан бошонгон соң уйларды алдыма салып алып, күндөгүдөн алыс кеттим. Кечти гана күтүп жүрөм. Бирок мага бүгүн күн абдан узарып кеткендей болуп көрүнду. Күн эртең мененкиден калыңдап, асмандан жылчык көрүнбөй бүтөлүп алды. Ушуп кеттим. Күн суук тартып келген кезде бая күнү жаанда корголгон бир тумшуктун учунда чоң кара таштын түбүнө барып, бир ууч болуп бүрүшүп отуруп алдым. Бутумдун ачылган жерлерин улам этегимди чоюп жаап коём.

Көп болгон жок, береги бир казандай кара булут энкейип, түнөрүп келди да көк тарс-турс этип жаркылдап туруп, шатыратып келип төгүп берди эле бир заматта чөптүн башы жылтырап суу болуп кетти. Мен баягы таштын түбүнөн козголбой уйларды алыстан гана көздөп отурам. Кеч жакындаганда бар уйду жыйнап, уйду көздөй айдап жибердим да өзүм кайра тарттым. Максатым —качмак. Бул тууралуу мурунтан ойлоп жүрсөм да бүгүн шертиме чындап бекип алдым. Үй анчалык алыс эмес, көрүнүп турат. Менин жүрөгүмдү өйүгөн — жалгыз суу. Суудан өтсөм болгону, ары түн болсо да коркпоймун. Бирок суу мурункудан тартылып калыптыр. Тайыз. Шымды жоон санга чейин түрүп таштадым да, тобокел деп кечтим. Адеп киргенде бир аз жерге энтиге түшүп барып, жылма таштардан тая-тая четине чыгып кеттим. Шыйрагым какшап калды. Ошондон багалекти түргөн бойдон шүүдүрүмдө жүрүп отурдум...

Айыл жайындагы конгон ордунда экен. Тезек түтүнү быкшып жаткан таанымал кара үйгө эл орунга отура кирип барсам керек. Отту тегеректей отурган көп бүлөө мага жамырап карай калды. Үйгө кирип отура элек жатсам Элебес:

— Э караңгүн эмне келдиң? — деди бетиндеги бырыштары калың жыйнай түшүп кабагын чытып.

—Баласыңбы деген ошол атаң көрү... Аз калганда чыдап, айыңды бир жолу эле бүтүп келбейсиңби? — деди сырттан Бурмаке.

Элебес баягы көнүмүш көр жемесине салып, толуп жаткан эле мага тийиштүү бирдемелерди айтып жатат. Мен күнөкөр! Кулакты жапырып, тили жок бир дудук болдум да калдым.

Көптөн кийин Бурмаке:

— Койчу эми, байкуштун ичкенин аш кылсаңчы? Карыган аюу! — деди. Бул сөз мага бир аз бел боло түштү. Бир кезде элдин катары менен мага да бир аяк жарма келди. Кайгылуу, жүдөө кабагым менен салбырап барып аякты колума алдым...

## VI

Жолчулар кыштагында. Мындан бир нече күн мурун: «Ар болуштан төрт солдат алынсын. Алынган ар бир адамга төрт жүз сомдон акча берилсин» деп үйөздөн болуш-болушка буйрук тараган эле. Ушундан көп узабай: «баягы Урманбет солдатка кетмек болуптур» деп угуп калдык. Ушунун аныгын билип келем деп Бейшемби Көлгө кеткен.

Бейшемби келгенде биз кепеге чөп үйүп жатканбыз. Жанымжан үймөккө чыгып, Элебес жерден алып берип турган. Бейшемби түшүп атын байлай электе:

— Баягы ырас бекен? — деди Элебес турган жеринде айрысын кармаган бойдон.

— Ырас...

Элебес айрысын чөпкө кынай сайып таштап Бейшембинин жанына басып келди да, эңкейип кончунан чакчасын алып, өлчөп туруп оозуна бир тартым асмайды кагып жиберип:

***(уландысы бар)***

# Чач эмне үчүн түшөт?

Чач билинбегени менен адамга кандайдыр бир деңгээлде сулуулук тартуулап турат. Ошондуктан чачыңызга ар дайым кам көрүп, пайда болуучу ар кандай оорулардын алдын-алып туруңуз. Чачтын теринин үстүнө чыгып турган бөлүгү өзөгү, ал эми териде жайгашкан бөлүгү тамыры болуп эсептелет. Чач теринин астынан жайгашкан тамырынан өсөт. Орточо эсеп менен дени сак адамдын чачы айына 1 см.ге чейин узарат. Адамда болжол менен 10000 тал чач болуп, анын ар биринин жашоо мөөнөтү бар. Алар дайыма өлүп жана тирилип турушат. Өлүү чач тараганда түшүп, анын ордуна жаңысы өсүп чыгат. Чач оорусу жок адамдын күнүнө 70–100 тал чачы түшүп турат. Чачтын такыр түшүп калышы, же суюлушу көпчүлүктү түйшөлткөн көйгөй. Ал өсүү цикли бузулганда суюла баштайт жана көп түшүшү иммунитеттин абдан төмөндөп же оор дартка чалдыкканынан кабар берет.

Чач түшүүнүн дагы бир себеби туура эмес тамактануу. Дене табынын өтө узакка көтөрүлүшү же тери оорулары болушу мүмкүн. Кээде кош бойлуулук менен төрөт да чачтын түшүшүн шарттайт. Байыркы Египетте чачтын түшүшүнө каршы арстандын, мышыктын, крокодилдин, жыландын жана каздын майы кошулган каражаттарды колдонушкан. Чач үчүн В витамини өтө маанилүү. Анын негизги булагы боор болуп эсептелет. Эгер бир жумада бир жолу боор жеп турсаңыз чачыңыздын кооз жана бекем болушуна кепилдик бар. Фен менен кургатып бигуди көп колдонсоңуз чачыңыз сапатын жоготуп, түшө баштайт. Андыктан бул каражаттарды зарыл болгон учурда гана колдонгонуңуз оң.

## Чачтын түшүшүнө каршы маскалар:

Бардык түрдөгү чачтар үчүн: 50 г. коньяк, 50 г. суу жана 2 жумуртканын сарысын жакшылап чалып, башыңыздын терисине сүртөсүз да, 20 мүнөттөн кийин жылуу суу менен жууп саласыз. Эгер чачыңыз кургак болсо суу самын колдонбой деле койсоңуз болот.

Кадимки чачтар үчүн: 2–3 чоң кашык майонез менен майдаланган 1 тиш сарымсакты аралаштырып, башыңыздын терисине сүртөсүз. 1–2 сааттан кийин жууп саласыз.

Майлуу чачтар үчүн: анча чоң эмес 2 баш пиязды, 2 баш сарымсакты эт майдалагычтан өткөрүп, чачыңызга, башыңыздын терисине шыбайсыз. 5–10 мүнөттөн кийин башыңызга полиэтилен пакетин кийип, анын сыртынан сүлгү менен ороп аласыз. 1–2 сааттан кийин жыттуу шампунь менен башыңызды жууп ымчам суу менен чайкайсыз. Мындай маска бир гана чачты бекемдөөгө эмес, чачты жумшартууга да эң жакшы каражат болуп эсептелет.

Кургак чачтар үчүн: 2 чоң кашык кургатылган чалкандын жалбырагына 1 л. кайнак суу куюп, 30 мүнөт кайнатасыз да, тундуруп алып маңызына 1 чоң кашык алма уксусун жана чычырканактын майын кошуп, эки жума бою жатарда ичип жатсаңыз аябай жакшы таасир берет.

## Какач эмнеден улам пайда болот?

Какач бул ички органдардын таасиринен пайда болгон организмдин реакциясы. Чачты батбат жууй берсе баш терининин майлуулугун азайтып, абалын начарлатып жиберет. Май безинин функциясынын бузулушу чачты өзгөртүү менен бирге териде майлуу, же кургак какачты пайда кылат. Ал себорея оорусунун белгилеринин бири. Чачты ысык эмес, жылуу суу менен жууңуз. Бат-баттан тарап туруу да какачтын жок болушуна жардам берет. Эгер сиз дагы какачтан жабыркап кантип арылууну билбей жүрсөңүз төмөнкү ыкмалар сизге жардамга келет.


«ДИЛАЗЫК» БАСМА ҮЙҮ
Дизайнер керек!
Ыймандуу жана тажрыйбалуу дизайнер керек.
**Талап:** китептердин Индизайн ишин жана мукаба дизайнын (фотошоп ж.б.) жакшы билген болуу.
Тел.: 0773534060














GREEN CITY
eco hotels & resorts



Green City
мейманканасы
бир орундуу бөлмөлөр,
эки орундуу бөлмөлөр,
КОНФЕРЕНЦ ЗАЛ
ресторан, бизнес ланч
Тынчтык пр., 16
+996 312 87 87 50
+996 559 87 87 50

Green City
мончосу
түрк хамамы, орус мончосу,
туз камерасы, бассейн, массаж,
балыктар менен пилинг,
жаш балдар бөлмөсү ж.б.
Исакеев көч., 2а
www.greencity.kg

